# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## ТАБИЯТ ТААНУУ ЖАНА ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИ

## ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ КАФЕДРАСЫ

| | |
|---|---|
| БатМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган, № 4 протокол "26" 02 2019-жыл | "БЕКИТИЛДИ" БатМУнун ректору, техн.и.д., профессор ________ А.М. Зулпуев "27" 02 2019-жыл |

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ (НББП)

## 550700. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ

**"Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы" профили**

**Окутуунун формасы: күндүзгү**

**Окутуу мөөнөтү: күндүзгү 4 жыл**

**Академиялык деңгээли: жогорку "бакалавр"**

**2019-ж.**

# М А З М У Н У

Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.........................................................................3
**1.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**.......................................................................................................................5
1.1. 550700. Педагогика багыты боюнча баклавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары НББП)....................................................................................5
1.2. 550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББП иштеп чыгуудагы нормативдик документтер ...................................................................................6
1.3.550700. Педагогика багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү.........................................................7
1.3.1. ЖКББ НББП максаты ..........................................................................................................7
1.3.2. ЖКББ НББПнын окутуунун натыйжалары .......................................................................7
1.3.3. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү...........................................................11
1.3.4.ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы окуу жүктөмү.........................................................11
1.4. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар .....................11
2. **550700. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА БАКАЛАВРИАТ БАСКЫЧЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТИК МҮНӨЗДӨМӨСҮ** .....................................................................11
2.1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү ....................................................................11
2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери ....................................................11
2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү ............................................................11
2.4. Бакалаврдын кесиптик ишмердигинин милдеттери .............................................................12
**3. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББП АЯКТАГАНДА ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР** ..............................................................................................................................14
3.1. НББПнын негизги компетенциялары .......................................................................................14
3.2. ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар ............................17
3.3.Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы .......................................................................................................................................17
**4. ПББ БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН РЕГЛАМЕНТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕРИ..........................17**
4.1. Календардык окуу графиги ...................................................................(Тиркеме)............17
4.2.Бакалаврды даярдоонун окуу жана жумушчу планы ................................(Тиркеме).............17
4.3. Таанышуу, адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик ....................................17
практикалардын окуу программалары ................................................... (Тиркеме).......................17
НББПнын компетенциялар матрицасы ........................................................................................18
4.4. 550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоодо окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары .........................................................................19
**5. НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУ ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДОО**..................................................................................................................................32
5.1. ЖКББ НБПП ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы .......................................................32
5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы ..........................32
5.3. Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы ..............................................33
**6.ЖКББ НББПын ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫНЫН НОРМАТИВДИК-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ**.......................................................34
6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестация ......................................................34
6.2. НББПын бакалавр баскычында бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациялоо ......................34
**ТИРКЕМЕЛЕР** ...............................................................................................................................36

**НББПны иштеп чыккандар**...........................................................................................................37

**Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алган эл аралык документтерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат.

- **негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

- **профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;

- **дисциплиналардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;

- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;

- **компетенттүүлүк** - тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кыймылдуу комбинациясы;

- **бакалавр** - академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү мененбилим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча "магистр" академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укук берет;

- **кредит (зачеттук бирдик)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр. -**Ушул негизги билим берүү программасында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** –Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ПББ –** Педагогикалык багыты боюнча

**ЖКББ** – Жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП** – Негизги билим берүү программасы;

**ОМБ** – Окуу методикалык бирикме;

**НББПДЦ** – Негизги билим берүү программасындагы дисциплиналар циклы;

**ЖК** – жалпы илимий компетенциялар

**ИК** – инструменталдык компетенциялар

**СИМК** – социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар

**КК** – кесиптик компетенциялар

**АКК** – адистик боюнча кошумча компетенциялар

**ОН** – окутуунун натыйжалары

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** 550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары ПББ НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартына «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (30- апрель 2003-жыл № 92), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28- декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17- июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8-август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Баткен мамлекеттик университетинин илимий-педагогикалык практикаларын өткөрүү боюнча жобого (БатМУ, 2016), Баткен мамлекеттик университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө жобого (БатМУ, 2016) ылайык иштелип чыкты жана Окумуштуулар кеңешинин №4 26.02.2019 протоколу менен бекитилди. (Тиркеме-1)

НББП Педагогика багыты боюнча “Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы” профилинде академиялык “бакалавр” баскычындагы адистерди даярдоого багытталат жана педагогика багытына карата иштелип чыккан окуу-методикалык документтердин жыйындысын түшүндүрөт. Документтер эмгек рыногунун, коомчулуктун талаптарын эске алуу менен көрсөтүлгөн багыттын жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде 550700. Педагогика багыты боюнча 16 окутуунун натыйжалары (ОН) аныкталган. Окутуунун натыйжалары БатМУ САИнин «Филологиялык жана педагогикалык билим берүү» жана «Табигый илимдер жана маалымат технологиялары» кафедраларынын биргелешкен отурумунда (протокол №5. 12.10.2018) жана БатМУнун “Педагогикалык билим берүү”, “Педагогика жана дене тарбия”, “Педагогикалык билим берүү”, кафедраларынын кеңейтилген жыйынында (протокол №1, 18.12.2018) Окуу-усулдук кеңешинин отурумунда (протокол №1, 11.03.2019), иштелип чыгып стейкхолдерлердин форумунда талкууланган жана төмөнкүдөй окутуунун натыйжаларына жана компетенцияларга ээ экендиги бекитилген.

НББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, окуу процессин ишке ашыруунун технологияларын, шарттарын регламенттештирет жана адистерди даярдоонун сапатын баалоону аныктап, өз ичине: окуу планын, окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана таанышуу, адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик

практикалардын окуу-методикалык мазмундагы документтерин ичине камтыйт.

НББПын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окуу планы;
- Окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын, илимий-изилдөө иштеринин, жыйынтык аттестациялоонун программалары;
- Календардык окуу графиктери;
- Компетенцияларды калыптандыруучу окуу-тарбиялык иштердин планы;
- НББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары :
    - ✓ Компетенттүү-багытталган тесттер
    - ✓ Практикалык көндүмдү аныктоочу тапшырмалар
    - ✓ Портфолио
    - ✓ Кесиптик-аналитикалык баалоо каражаттары

550700. ПББ НББП бакалавр баскычында адистерди даярдоо “Педагогикалык билим берүү” кафедрасы тарабынан ишке ашырылат.

## 1.2. 550700. ПББ бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББП иштеп чыгуудагы нормативдик документтер

НБППнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзүп турат:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы (№92 30-апрель 2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2004-ж. 3-февралда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 53 жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 23-августундагы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү № 496 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-ж. 15-сентябрдагы № 1179/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (ГОС);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;

- БатМУнун Уставы.

## 1.3. 550700 Педагогика багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

### 1.3.1. ЖКББ НББПнын максаты

ЖКББ НББПнын максаты БатМУнун миссиясынын негизинде аныкталган. БатМУнун миссиясы: "Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн илимий, чыгармачылык потенциалы жогору, атаандаштыкка жөндөмдүү жана көп тилдүү адистерди даярдоо".

Бул миссияга ылайык педагогика багытында "бакалавр" академиялык баскычындагы адистерди даярдоодо төмөнкү **максаттар** аныкталган:

**НББПнын максаттары:**

**1-максат:** Ар тараптан өнүккөн, өз алдынчалуулук сапаттарга ээ, улуттук артыкчылыктарды өнүктүрүүгө салым кошкон жогорку маалыматтуу башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоо;

**2-максат:** Кесиптик чеберчилигин арттыруу жана үзгүлтүксүз билимин өркүндөтүү максатында мезгил талаптарына шайкеш келген этикалык, интеллектуалдык, гумандуулук жана толеранттуулук сапаттарына ээ болгон педагог-тарбиячыны даярдоо;

**3-максат:** Мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык гуманитардык, социалдык жана экономикалык, математикалык багыттардагы билимдердин комплекси менен келечектеги адистердин методикалык муктаждыктарын камсыздоо жана методикалык чеберчилиги мыкты педагогдорду даярдоо;

**4-максат:** Студенттердин патриоттуулук сезимдерин, жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууларын арттыруу жана дүйнөгө илимий бүтүн системалуу көз караштарын түзүү менен кенже класс окуучулары үчүн зарыл болгон түшүнүктөрдү илимий негизде калыптандыруу максатында потенциалы жогору көп тилдүү педагогдорду даярдоо.

### 1.3.2. НББПын окутуунун натыйжалары:

**НББПнын чегинде окутуунун натыйжалары максат жана милдеттерге ылайык аныкталган:**

**ОН-1.** Интеграцияланган илимий билимдердин тутумун камтуу менен курчап турган дүйнөнү, илимий билимдердин негиздерин таанып билет жана жалпы башталгыч билим берүү мекемелеринде теориялык, практикалык, инклюзивдүү окутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;

**ОН-2.** Гумандаштыруу принцибине ылайык материалдык жана руханий дүйнөнү биримдикте карап талдоо менен педагогикалык этикетти тутунат, аларды өркүндөтө алат;

**ОН-3.** Окутуунун заманбап информациялык технологияларын колдонуу, өркүндөтүү менен кенже класстардын мугалими катары түрдүү методикалык проблемалардын үстүнөн иштейт жана билгичтик көндүмдөргө ээ болот;

**ОН-4.** Ар кандай кырдаалдар, процесстер, реалдуу кубулуштар жөнүндө сабаттуу, логикалык жактан туура ой-пикирлерди жарата билет жана маалыматтык технологияны пайдаланууну, кайра иштетүү ыкмаларын, каражаттарын өздөштүрүү менен өздөштүрүлгөн билимдер боюнча оозеки жана жазма кеп түзө алат;

**ОН-5**. Окуучулардын жарандык позициясын, мекенчилдигин, эмгекке болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин, өз алдынчалуулугун жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрө алат;

**ОН-6.** Билим берүү жараянынын бардык субъекттери, жеке инсандар ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерди уюштурууда, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда, алардын муктаждыктарына, окутуунун заманбап технологияларына ылайык методикалык маселелерди чечүүдө илимий негизделген жетишкендиктерге таянып ишти пландаштыруу жана окутуунун сапатын баалоо жөндөмүнө ээ болот;

**ОН-7.** Педагогикалык, социалдык-гуманитардык илимдердин негизги жоболорун колдонуу менен окутуунун натыйжаларын, жетишкендиктерин баалоого, илимий негизде мониторинг жүргүзүүгө, өзүнүн артыкчылыктарынын, кемчиликтеринин үстүндө иштөөгө жана социалдык баарлашуу деңгээлинде кайсы бир чет тилинде сүйлөй билүүгө жөндөмдүү болот;

**ОН-8.** Көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды кармануу менен профессионалдык ишмердигинде бардык окуучуларга маданий айырмачылыктарына карабай өнүккөн укуктук аң-сезимдин негизинде бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө, өзүнүн оозеки жана жазуу түрүндөгү сөзүн мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө жөндөмдүү болот;

**ОН-9.** Маалымат технологияларынын (компьютер ж.б.) жардамы менен педагогикалык жараяндар жана көрүнүштөр жөнүндөгү дүйнөлүк статистиканын маалыматтарын талдоого, интерпретациялоого социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого, алдыга максат коюуга, ага жетүүнүн жолдорун табууга жөндөмдүү болот;

**ОН-10.** Адистик милдеттерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү колдоно алат, педагогикалык изилдөөлөрдүн,

профессионалдык рефлексиянын негизинде өз билимин өнүктүрүү, тынымсыз билим алуу жөндөмүнө ээ болот;

**ОН-11.** Билим берүү жараянында окуучулардын жаш курагына жараша туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн ыңгайлуу, коопсуз шарттарды түзө билет, алардын социалдык, адеп-ахлактык, сергек жашоо образын, өнүгүү деңгээлин аныктай алат, жаратылышты коргоо, ресурстарын рационалдуу пайдалануу, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлаша алуу көндүмдөрүн калыптандыруу жөндөмүнө ээ болот;

**ОН-12.** Профессионалдык лексиканы, ишкердик мамиленин маданиятын, проблемаларын талкуулап өзүнүн оюн аргументтеп айтууну, ишке кабыл алууну, кеңешмеден өткөрүүнү, ишкердик жолугушууларды жана презентацияларды даярдап өткөрүүнү билет; ишкердин этикеттик талаптарына ылайык чет тилинде электрондук почталарга билдирүүнү, кат, резюмени жана ишке кабыл алуу жөнүндөгү каттарды жазууга ээ болот; негизги стратегияларды, адам ресурстарынын стратегиялык пландарынын этаптарын жана деңгээлдерин; окутуу методдорун жана ар түрдүү формаларын билет; окуу планын, жумушчу окуу планын жана окуу процессинин графигин түшүнөт;

**ОН-13.** Педагогикалык жараянды талдоодо цивилизациялык мамиленин элементтерин колдонуу менен, педагогикалык фактыларды туура талдап, себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо жана дүйнөлүк педагогиканын бир бөлүгү катары элдик педагогиканын өнүгүүсүнүн мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү жөндөмүнө ээ болот;

**ОН-14.** Педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн, педагогикалык жараяндагы жана коомдун саясий уюмдарындагы адамдын ордун түшүнөт жана мектеп коомчулугунун деңгээлинде жеке инсандар ортосунда толеранттуу жана профессионалдык мамилелерди түзө алат;

**ОН-15.** Түзүлгөн жаңы кырдаалды, анын натыйжасын туура баалап, ага ыңгайлаша алат, ошондой эле, окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, техникасын, методикасын билет жана алардын болочок адистикти туура тандоосу үчүн шарттарды түзүү жөндөмүнө ээ болот;

**ОН-16.** Билим берүү программаларына, окуу планына ылайык окуу жараянында педагогикалык рефлексиянын негизинде дидактикалык материалдарды өз алдынча тандап, окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу менен ар бир сабакты туура пландаштырып, педагогикалык ишмердигин жүргүзө алат.

### 1.3.3. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү

550700 Педагогика багытында бакалавр баскычында ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

– күндүзгү окуу формасы үчүн 4 жыл;

– дистанттык окуу формасы үчүн 5 жыл.

### 1.3.4. 550700 Педагогика багытында бакалавр баскычында ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн окуу жүктөмү

НББП өздөштүрүүнүн көлөмү окуу мөөнөтүнүн бардык мезгили ичинде ЖКББ Мамлекеттик стандарты боюнча 240 зачеттук бирдикти түзөт, ал өз ичине бардык аудиториялык саатарды, студенттин өз алдынча иштерин, практика жана НББП өздөштүрүүсүн текшерүүгө берилген убакытты камтыйт.

№ 1- таблица. НББП өздөштүрүү көлөмү, мөөнөтү жана квалификациясы

| НББП аталышы | Квалификация | | НББП өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү, диплом алгандан кийинкиси кошо | Эмгек көлөмү (зачеттук бирдик) |
|---|---|---|---|---|
| | кабыл алынган квалификациянын коду | аталышы | | |
| НББП бакалавриат | 550700 | бакалавр | 4 жыл | 240 |

### 1.4. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар

Жалпы республикалык тестирлөөдөн алган баллы коюлган чекке жетүүсү (жалпы -110 балл, предметтик – 60 балл);

Мамлекеттик үлгүдөгү орто же орто кесиптик (жогорку) билими тууралуу документтин болушу;

Психологиялык абалынын, ден-соолугунун билим алууга мүмкүндүк берүүсү;

Адистикти өз каалоосу менен тандоосу, тандаган адистиги жөнүндө түшүнүгү, максаттуу аракети болуусу шарт.

## 2. 550700. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫНЫН ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УСУЛДУГУ ПРОФИЛИ БОЮНЧА БАКАЛВРИАТ БАСКЫЧЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТИК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

550700. Педагогика багыты боюнча бакалаврдын кесиптик ишмердигинин мүнөздөмөсү ЖКББ Мамлекеттик стандартында белгиленген

## 2.1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү

550700. Педагогика багыты боюнча (бакалавр) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- республиканын жалпы орто билим берүү мекемелери (мектептер, гимназиялар, лицейлер), башталгыч жана орто кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү;
- илим изилдөө борборлору;
- коомдук уюмдар.

Окууну ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр магистратура жана докторантурада билимдерин өркүндөтүшүп, диссертацияларын жактоо менен даражага ээ болушат.

**2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери**

550700. ПББ багытында “Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы” профилинде бакалавр академиялык даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөрдүн ишмердик объектилери - билим берүү системасы, коомдук уюмдар, мамлекеттик структуралар, илим изилдөө мекемелери.

**2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү**

550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр төмөндөгүдөй кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө даяр болот:

– Педагог катары билим берүү процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, интерпретациялоо;

– Педагогика, психология, башталгыч класстарда математиканы окутуу, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу, башталгыч класстарда мекен таанууну окутуу, сөз өстүрүүнүн теориясы, усулу, башталгыч класстарда адеп сабагын окутуу, каллиграфия, балдар адабияты ж.б. предметтер боюнча билим, тарбия берүү;

– окуу процессин уюштуруу жана башкаруу;

– аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк;

– педагогикалык;

**2.4. Бакалаврдын кесиптик ишмердигинин милдеттери:**

550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр адиси өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй маселелерди чечүүгө тийиш.

**Педагог катары билим берүү процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, интерпретациялоо ишмердиги:**

– педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн, билим берүү жараянындагы инсандын ордун аныктоо;

– педагогикалык жараянды талдоодо педагогикалык подходдун элементтерин колдоно билүү, педагогикалык фактыларды туура талдоо, себеп-натыйжа байланыштарын белгилөө;

– дүйнөлүк билим берүүнүн бир бөлүгү катары Кыргызстандын билим берүүсүнүн өнүгүү мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү;

– элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын кармануу.

**Педагогика, психология, башталгыч класстарда математиканы окутуу, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу, башталгыч класстарда мекен таанууну окутуу, сөз өстүрүү, башталгыч класстарда адеп сабагын окутуу, каллиграфия, балдар адабияты ж.б. предметтер боюнча билим, тарбия берүү ишмердиги:**

– педагогикалык илимдер боюнча билим берүү программаларын, аларга дидактикалык материалдарды өз алдынча тандоо жана аларды адаптациялашкандан соң, окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;

– окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет боюнча сабакты пландаштыруу жана өткөрүү;

– дүйнөнүн жана Кыргызстандын билим берүүсүн, педагогикалык илимдердин негизин окутуп-үйрөтүү аркылуу жаштарда мекенчил, гумандуулук, сабырдуулук, адилеттүүлүк сапаттарын калыптандыруу, дүйнө таанымын кеңейтүү.

**Окуу процессин уюштуруу жана башкаруу ишмердиги:**

– билим берүү процессин муктаждыктарга, окуучулардын заманбап, окутуу технологияларындагы илимий негизделген жетишкендиктерине ылайык пландоо жана ишке ашыруу;

– көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды кармануу жана маданий айырмачылыктарына карабай, бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүү;

– окуу процессинин бардык субъектеринде жеке инсандар ортосундагы позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерди уюуштуруу, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу;

**Аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишмердиги:**

– изилдөө ишинин планын түзүү жана ондоп-түзөө, жыйналган маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо, илимий-изилдөө ишмердигин жүргүзүү;

– социалдык-экономикалык жараяндар жана көрүнүштөр жөнүндөгү ата мекендик жана чет элдик статистиканын маалыматтарын талдоо жана

интерпретациялоо, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоо;

– дүйнөлүк саясат жана эл аралык мамилелер жөнүндөгү билимдерге ээ, мамлекеттин тышкы саясатынын маңызын түшүнүү.

**Педагогикалык ишмердиги:**

Педагогика, психология, башталгыч класстарда математиканы окутуу, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу, башталгыч класстарда мекен таанууну окутуу, сөз өстүрүү, башталгыч класстарда адеп сабагын окутуу, каллиграфия, балдар адабияты ж.б. предметтер боюнча билим, тарбия берүү ишмердигин жалпы орто билим берүүчү мектептерде инновациялык технологияларды колдонуу менен окутуп, педагогикалык ишмердикти жүргүзүү.

## 3. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББП АЯКТАГАНДА ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

### 3.1. НББПнын негизги компетенциялары

**Жалпы илимий компетенциялар (ЖК):**

**ЖК-1**–айланадагы дүйнө тууралуу илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ, заманбап концепцияларды жана дүйнө көрүнүшүн, көз караштар системасын, инсандын табияттагы жана коомдогу (социумдагы) ордун жана ролун түшүнөт, жашоо, маданият баалуулуктарына багыт алууга жөндөмдүү;

**ЖК-2** – билим берүү жараянын муктаждыктарга, окуучулардын заманбап, окутуу технологияларындагы илимий негизделген жетишкендиктерине ылайык пландоого жана ишке ашырууга жөндөмдүү;

**ЖК-3** – окутуунун натыйжаларын алдын ала (илимий негизде) билүүгө, педагогикалык, социалдык-гуманитардык илимдердин негизги жоболорун колдонуу менен окуудагы жетишкендиктерди баалоого жана мониторинг жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**ЖК-4** – изилдөө ишинин планын түзүүгө жана оңдоп-түзөөгө, жыйналган маалыматтарды талдоого жана интерпретациялоого *(жетекчилик астында)* жөндөмдүү, илимий-изилдөө ишмердигин жүргүзүүгө даяр;

**ЖК-5** – маалыматтарды кабыл алууга, жыйынтыктоого жана талдоого, алдыга максат коюуга жана ага жетүүнүн жолдорун табууга жөндөмдүү;

**ЖК-6** –билим алууга, алган билимин тынымсыз өнүктүрүүгө жөндөмдүү.

**Инструменталдык компетенциялар (ИК):**

**ИК-1** – маалымат алуунун, сактоонун жана талдоонун негизги методдорун, ыкмаларын жана каражаттарын билет, компьютер менен иштей алат;

**ИК-2** – өзүнүн оозеки жана жазуу түрүндөгү сөзүн мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө жөндөмдүү;

**ИК**-3 –социалдык баарлашуу деңгээлинде кайсы бир чет тилинде сүйлөй алат;

**ИК**-4 – педагогикалык жараяндын бардык субъектеринде жеке инсандар ортосундагы позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерди уюштурууга катыша алат, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү;

**ИК**-5 – түзүлгөн жаңы кырдаалды, анын натыйжасын туура баалай билет жана ага ыңгайлаша алат;

**ИК**-6 – билим берүү жараянында окуучулардын ден-соолугун коргоо жана жашоо ишмердигинин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча шарттарды түзүүгө жөндөмдүү;

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИМК)**:

**СИМК-1** - мектеп коомчулугунун деңгээлинде инсандар арасында толеранттуу жана профессионалдык мамилелерди түзө алат;

**СИМК-2** – көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды карманууга жана маданий айырмачылыктарына карабай, бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө жөндөмдүү;

**СИМК-3** – окуучулардын билим алуусу жана өнүгүүсү үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана физикалык) билим берүү чөйрөсүн түзүүгө, ар түрдүү курактагы окуучуларда сергек жашоо образын жүргүзүү, жаратылышты коргоо, энергияны сактоо, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлаша алуу көндүмдөрүн калыптандырууга жөндөмдүү;

**СИМК-4** – өзүнүн артыкчылыктарына жана кемчиликтерине сын көз менен карап, артыкчылыктарын өнүктүрүүнүн жана кемчиликтерин жоюунун каражаттарын, жолдорун таба билет;

**СИМК-5** – жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог курууга даяр жана жигердүү жарандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү;

**- Кесиптик компетенциялар (КК):**

**КК-1** – психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү кесиптик милдеттерди чечүүдө колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердигинде пайдаланууга жөндөмдүү;

**КК-2** – методикалык проблемаларды (моделдер, методдор, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) чечүүнүн ыкмаларына ээ жана окутуунун сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-3** – инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзив ж.б.)

багытталган билим берүү жараяны үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөнгө жөндөмдүү;

**КК-4** – окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын жана жолдорун, техникасын, методикасын билет жана алардын адистикти туура тандоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-5** – билим берүү программаларын, аларга дидактикалык материалдарды өз алдынча тандай алат жана аларды адаптациялашкандан соң, окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдоно билет;

**КК-6** – окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет боюнча сабакты пландаштырууга жөндөмдүү;

**КК-7** – жүргүзүлгөн профессионалдык рефлексиянын негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү багытында милдеттерди коё билет;

**КК-8** – окутуунун интерактивдүү методдорун жана формаларын колдонуу менен, педагогикалык ишмердигин жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**КК-9** – окуучулардын ар кандай тармактардагы (акыл эс, социалдык, алеп-ахлактык ж.б.) өнүгүүсүнүн деңгээлин айырмалайт жана ар кандай терс таасирлерди – зомбулукту, баңги, алкоголь ж.б. жеңүүнүн үстүндө иш алып барууга жөндөмдүү;

**КК-10** – социалдык жана профессионалдык милдеттерди чечүүдө гуманитардык, социалдык жана экономикалык илимдер боюнча алган системалуу теориялык жана практикалык билимдерин колдонууга жөндөмдүү;

**КК-11** - педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн, педагогикалык жараяндагы жана коомдун саясий уюмдарындагы адамдын ордун түшүнүүгө жөндөмдүү;

**КК-12** – педагогикалык жараянды талдоодо цивилизациялык подходдун элементтерин колдоно билүүгө, тарыхый фактыларды туура талдоого, себеп-натыйжалаш байланыштарын белгилөөгө жөндөмдүү;

**КК-13** – дүйнөлүк билим берүүнүн бир бөлүгү катары Кыргызстандын билим берүүсүнүн өнүгүү мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө жөндөмдүү;

**КК-14** – негизги педагогикалык түшүнүктөрдү жана категорияларды, педагогикалык жараяндын өзгөчөлүктөрүн жана алардын коомдук жашоодогу ролун мүнөздөөгө жөндөмдүү;

**КК-15** – педагогикалык жараяндар жана көрүнүштөр жөнүндөгү ата мекендик жана чет элдик статистиканын маалыматтарын талдоого жана интерпретациялоого (түшүндүрүүгө), билим берүүдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого жөндөмдүү;

**КК-16** – профессионалдык ишмердигин өнүккөн укуктук аң-сезимдин, укуктук ой жүгүртүүнүн жана укуктук маданияттын негизинде ишке ашырууга жөндөмдүү;

**КК-17** – дүйнөлүк билим берүү саясаты жана эл аралык мамилелер жөнүндөгү билимдерге ээ, мамлекеттин тышкы саясатынын маңызын түшүнүүгө жөндөмдүү.

## 3.2. ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар:

**АКК-1-** Педагогикалык процесстердин өзгөчөлүктөрү жана негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү дүйнөтаанымын жана системалашкан билимдерин калыптандырат, маалыматтарды кабыл алуу, талдоо, жалпылоо, ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, баалоо маданиятына жана аны өркүндөтүүнүн жолдоруна ээ болот (ОНК-1);

**АКК-2 –** Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык (багытын) позициясын карманат (ОНК-2);

**АКК-3** - Эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган республиканын жалпы орто билим берүүчү мекемелеринде эки тилде – кыргыз жана орус тилдеринде окуу жараянын жүргүзүүгө, ошондой эле, мамлекеттик структураларда, коомдук уюмдарда эмгектенип, жигердүү ишмердикке жөндөмдүү адис боло алат (ОНК-3).

## 3.3. Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы:

| максат | ОН-1 | ОН-2 | ОН-3 | ОН-4 | ОН-5 | ОН-6 | ОН-7 | ОН-8 | ОН-9 | ОН-10 | ОН-11 | ОН-12 | ОН-13 | ОН-14 | ОН-15 | ОН-16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ОМ-1 | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | _ | _ | + | + | + | + |
| ОМ-2 | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | _ | + | + | + | + |
| ОМ-3 | _ | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| ОМ-4 | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |

### 3.4. Окутуунун натыйжалары менен компетенциялардын дал келүүчүлүк таблицасы

| № | Окутуунун натыйжалары | Калыптандыруучу компетенциялары |
|---|---|---|
| **1** | **ОН-1.** Интеграцияланган илимий билимдердин тутумун камтуу менен курчап турган дүйнөнү, илимий билимдердин негиздерин таанып билет жана жалпы башталгыч билим берүү мекемелеринде теориялык, практикалык, инклюзивдүү окутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. | ЖК-1, ЖК-3, ИК-4, СИМК-3, КК-2, КК-11, КК-14. |
| **2** | **ОН-2.** Гумандаштыруу принцибине ылайык материалдык жана руханий дүйнөнү биримдикте карап талдоо менен педагогикалык этикетти тутунат, аларды өркүндөтө алат. | ЖК-2, ЖК-3, ЖК-6, ИК-4, СИМК-1, КК-1, КК-5, КК-16. |
| **3** | **ОН-3.**Окутуунун заманбап информациялык технологияларын колдонуу, өркүндөтүү менен кенже класстардын мугалими катары түрдүү методикалык проблемалардын үстүнөн иштейт жана билгичтик көндүмдөргө ээ болот. | ЖК-2, ЖК-5, ЖК-6, ИК-1,ИК-5,СИМК-4,КК-2, КК-8, КК-16. |
| **4** | **ОН-4.** Ар кандай кырдаалдар, процесстер, реалдуу кубулуштар жөнүндө сабаттуу, логикалык жактан туура ой-пикирлерди жарата билет жана маалыматтык технологияны пайдалануну, кайра иштетүү ыкмаларын, каражаттарын өздөштүрүү менен өздөштүрүлгөн билимдер боюнча оозеки жана жазма кеп түзө алат. | ЖК-1,ЖК-5,ЖК-6, ИК-2,ИК-5,СИМК-5, КК-4, КК-7, КК-13. |
| **5** | **ОН-5**. Окуучулардын жарандык позициясын, мекенчилдигин, эмгекке болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин, өз алдынчалуулугун жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрө алат. | ЖК-1, ЖК-6, ИК-4, ИК-6, СИМК-3, КК-3, КК-4, КК-9, КК-12. |
| **6** | **ОН-6.** Билим берүү жараянынын бардык субъекттери, жеке инсандар ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерди уюштурууда, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда, алардын муктаждыктарына, окутуунун заманбап технологияларына ылайык методикалык маселелерди чечүүдө илимий негизделген жетишкендиктерге таянып ишти пландаштыруу жана окутуунун сапатын баалоо жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-2, ЖК-4, ИК-4, СИМК-2, СИМК-5, КК-2, КК-6, КК-8. |
| **7** | **ОН-7.** Педагогикалык, социалдык-гуманитардык илимдердин негизги жоболорун колдонуу менен | ЖК-1, ЖК-5, ИК-3, ИК-5, СИМК-2, |

| | | |
|---|---|---|
| | окутуунун натыйжаларын, жетишкендиктерин баалоого, илимий негизде мониторинг жүргүзүүгө, өзүнүн артыкчылыктарынын, кемчиликтеринин үстүндө иштөөгө жана социалдык баарлашуу деңгээлинде кайсы бир чет тилинде сүйлөй билүүгө жөндөмдүү болот. | СИМК-5, КК-7, КК-12, КК-13. |
| **8** | **ОН-8.** Көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды карманillуу менен профессионалдык ишмердигинде бардык окуучуларга маданий айырмачылыктарына карабай өнүккөн укуктук аң-сезимдин негизинде бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө, өзүнүн оозеки жана жазуу түрүндөгү сөзүн мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө жөндөмдүү болот. | ЖК-1, ЖК-6, ИК-2, ИК-5, СИМК-2, СИМК-5,КК-3,КК-4, КК-13, КК-17. |
| **9** | **ОН-9.** Маалымат технологияларынын (компьютер ж.б.) жардамы менен педагогикалык жараяндар жана көрүнүштөр жөнүндөгү дүйнөлүк статистиканын маалыматтарын талдоого, интерпретациялоого социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого, алдыга максат коюуга, ага жетүүнүн жолдорун табууга жөндөмдүү болот. | ЖК-1, ЖК-3, ЖК-5, СИМК-4,КК-5,КК-12. |
| **10** | **ОН-10.** Адистик милдеттерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү колдоно алат, педагогикалык изилдөөлөрдүн, профессионалдык рефлексиянын негизинде өз билимин өнүктүрүү, тынымсыз билим алуу жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-2, ЖК-4, ЖК-6, ИК-4, СИМК-4, КК-1, КК-5, КК-9, КК-16. |
| **11** | **ОН-11.** Билим берүү жараянында окуучулардын жаш курагына жараша туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн ыңгайлуу, коопсуз шарттарды түзө билет, алардын социалдык, адеп-ахлактык, сергек жашоо образын, өнүгүү деңгээлин аныктай алат, жаратылышты коргоо, ресурстарын рационалдуу пайдалануу, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлаша алуу көндүмдөрүн калыптандыруу жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-2, ИК-6, СИМК-3, КК-3, КК-15. |
| **12** | **ОН-12.** Профессионалдык лексиканы, ишкердик мамиленин маданиятын, проблемаларын талкуулап өзүнүн оюн аргументтеп айтууну, ишке кабыл алууну, кеңешмеден өткөрүүнү, ишкердик жолугушууларды жана презентацияларды даярдап өткөрүүнү билет; ишкердин этикеттик талаптарына ылайык чет тилинде электрондук почталарга билдирүүнү, кат, резюмени жана ишке кабыл алуу | ЖК-2,ЖК-3, ИК-2, СИМК-5, КК-5, КК-6, КК-11,КК-15. |

| | | |
|---|---|---|
| | жөнүндөгү каттарды жазууга ээ болот; негизги стратегияларды, адам ресурстарынын стратегиялык пландарынын этаптарын жана деңгээлдерин; окутуу методдорун жана ар түрдүү формаларын билет; окуу планын, жумушчу окуу планын жана окуу процессинин графигин түшүнөт. | |
| 13 | **ОН-13.** Педагогикалык жараянды талдоодо цивилизациялык мамиленин элементтерин колдонуу менен, педагогикалык фактыларды туура талдап, себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо жана дүйнөлүк педагогиканын бир бөлүгү катары элдик педагогиканын өнүгүүсүнүн мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-1, ЖК-6, ИК-4, СИМК-5, КК-10, КК-13, КК-17. |
| 14 | **ОН-14.** Педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн, педагогикалык жараяндагы жана коомдун саясий уюмдарындагы адамдын ордун түшүнөт жана мектеп коомчулугунун деңгээлинде жеке инсандар ортосунда толеранттуу жана профессионалдык мамилелерди түзө алат. | ЖК-1, ЖК-6, ИК-4, ИК-5, СИМК-1, КК-5, КК-9, КК-15. |
| 15 | **ОН-15.** Түзүлгөн жаңы кырдаалды, анын натыйжасын туура баалап, ага ыңгайлаша алат, ошондой эле, окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, техникасын, методикасын билет жана алардын болочок адистикти туура тандоосу үчүн шарттарды түзүү жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-1, ИК-5,СИМК-3, КК-4, КК-11, КК-14. |
| 16 | **ОН-16.** Билим берүү программаларына, окуу планына ылайык окуу жараянында педагогикалык рефлексиянын негизинде дидактикалык материалдарды өз алдынча тандап, окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу менен ар бир сабакты туура пландаштырып, педагогикалык ишмердигин жүргүзө алат. | ЖК-2, ЖК-3, ИК-4, СИМК-1, КК-1, КК-5, КК-6, КК-16. |

## 4. ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН РЕГЛАМЕНТТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕРИ

4.1. Календардык окуу процессинин графиги (Тиркеме№2)

4.2. Бакалаврды даярдоонун окуу жана жумушчу планы (Тиркеме №3)

4.3. Таанышуу, адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик практикалардын окуу программалары (Тиркеме №4)

Жумушчу окуу планы (ЖОЖ компетенттеринин, элективдүү курстардын киргизилишине негиздеме) (Тиркеме №5)

## 5. Дисциплиналардын компетенцияларды калыптандыруу деңгээли

| № | Компетенциялар | Жогорку (Ж) | Орто (О) | Төмөн (Т) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **ЖК-1** | Ата мекен тарыхы, философия, экология, КСЕ, педагогика, мекен таануу, табият таануу, башталгыч адабий билим берүүнүн теор.ус., баш.кл. англис тили, пед.маданият, Этнопедагогика. | Кыргыз тили жана адабияты, орус тили, балдар риторикасы, азыркы кыргыз тили, сөз өстүрүү, баш.кл.эстетик. тар. БКМОББЖТ, Мектепте музыкалык тарбия берүү. | |
| 2 | **ЖК-2** | Кыргыз тили, информатика, ЖМОПТ, психология, баш.кл.инклюз.бил. бер., БМКТН, БККТОББЖТ, Баш.кл.муг.кес.чеб. | Манас таануу, Адам өмүрүнүн коопсуздугу, Баш.кл. МОУ, балдар адабияты, балдарды мектепке даярдоо, мат.мас.чыг.практ | |
| 3 | **ЖК-3** | Англис тили, орус тили, математика, педагогика, баш.кл.КТОУ, баш.кл.МОУ, Сөз өст. теор.ус, баш.кл.окуучу.бил. баалоо, грамматтал.кир. практ., БКМОББЖТ, пед.маданият, ББКМКЧ | Курак анат.физ.гиг., түш.окут. теор. усулу, пед.псих.прак., мат.мект.курс. актуалдаштыруу | |
| 4 | **ЖК-4** | Манас таануу, ЖМОПТ, психология, педагогика, баш.кл.КТОУ, пед.маданият, кл.жет. тарб.иши., баш.мект. | Инклюзивдик билим берүү | |
| 5 | **ЖК-5** | Ата мекен тарыхы, укук таануу, адам өмүрүнүн коопсуздугу, | Түш.окут.теор, усулу, грамматтал.кириш.паркт., баш.кл.эстетик.тар. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | балдар риторикасы,<br>башталгыч класста<br>окуучунун<br>билимин баалоо<br>мониторинги | теор.ус., | |
| **6** | **ЖК-6** | Англис тили,<br>информатика,<br>математика, курак<br>анатомиясы,<br>баш.кл.адеп<br>сабагын окут усулу<br>балдар адабияты,<br>тил илимине кир,<br>баш.кл.муг.<br>кес.чеб., | Дене тарбия,<br>баш.кл.окуучул.бил.<br>баалоо мон.,<br>баш.адабий билим<br>бер, теор.усулу. | |
| **7** | **ИК-1** | Информатика,<br>ЖМОПТ,<br>баш.кл.КТОУ,<br>ББКМКЧ | Математ.мектеп<br>курсун<br>актуалдаштыруу,<br>Граммат.<br>талд.кир.пр.,<br>баш.кл. инклюз.<br>билим берүү, | |
| **8** | **ИК-2** | Кыргыз тили, Орус<br>тили, баш.кл.<br>КТОУ, Түш.окут.<br>теор.ус, балдар<br>риторикасы, тил.<br>илим.киришүү,<br>АКТ, сөз өстүр.<br>теориясы,<br>БКТСОББЖТ. | Башт.адаб.билим<br>берүү.теор.усулу. | |
| **9** | **ИК-3** | Башталгыч<br>класстарда англис<br>тили, англис тили | | |
| **10** | **ИК-4** | Философия, манас<br>таануу, математика,<br>психология,<br>педагогика,<br>баш.кл.МОУ, баш.<br>класста адеп сабаг.<br>окутуу усулу,<br>БМКТН,<br>БКМОББЖТ,<br>баш.кл.эстетикалык<br>тарб. бер. теор. ус,<br>ББКМКЧ, педагог.<br>маданият. | Дене тарбия, балдар<br>адабияты, “Айлана<br>чөйрө” ин.кур.окут.,<br>пед.псих.практик.<br>кл.жет. тарбиялык<br>ишинин системасы | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **11** | **ИК-5** | Ата мекен тарыхы, укук таануу, дене тарбия, педагогика, адам өмүрүнүн коопсуздугу, баш.кл.инклюзивдик билим берүү, грамматикалык талдоого киришүү, пед.псих.практикуму, пед.маданият. | Экология, КСЭ, курак анат.физ.гиг., сөз өстүрүү, баш.кл.окуучул.баалоо мониторинги, мат.мас.чыг.практ., тарбиялоо ишинин теор. | |
| **12** | **ИК-6** | Психология, педагогика, адм өмүр. коопсуздугу, тарбиялоо ишинин теориясы. | Тил илимине киришүү, Социалдык педагогика, Дене тарбияны окутуунун усулу. | |
| **13** | **СИМК-1** | Орус тили, укук таануу, башт.кл. адеп сабагын окут. теор.ус., ББКМКЧ, Соц.педагогика. | ЖМОПТ, "Айлана чөйрө" ин.кур.окут., Сөз өстүр.теор.ус., граммат.талд.кир. практ., башт.адабий билим берүү | |
| **14** | **СИМК-2** | Англис тили, психология, педагогика, баш.кл. адеп саб.окут.усулу, баш. класстарда окуучулардын бил.балоо монитор, Этнопедагогика | Кыргыз тили, адам өмүр.коопсуз., балдар риторик., мат.мас.чыг.практ., БКМОББЖТ. | |
| **15** | **СИМК-3** | Математика, экология, КСЭ, дене тарбия, адам өмүр. коопсуздугу, мекен таануу, табият таануу, Дене тарбияны окутуунун усулу. | Балдарды мек. даярдоо, баш.класстарда инклюз.бил. берүү. | |
| **16** | **СИМК-4** | Философия, манас таануу, баш. класстарда инклюз. бил. берүү, математ. мектеп курсун актуалдаштыруу, БМКТН, баш.кл. англис тили, балд.мект. даярдоо, Мектепте музыкалык тарбия берүү. | ЖМОПТ, тил илимине киришүү. | |
| **17** | **СИМК-5** | Орус тили, англис тили, ата мекен тарыхы, баш.кл. адеп | Курак анат. физ.гиг., баш.кл. КТОУ, балдар адабияты, | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | сабагын окут. усулу, АКТ, баш.кл.эстетик тарб.бер.теор.усулу, БКТСОББЖТ, тарб.ишинин теор.усулу. | балдар риторикасы, пед.психологиянын практикуму,Этнопеда гогика, Соц.педагогика. | |
| **18** | **КК-1** | Психология, педагогика, курак анатом,физ.гиг., БКТСОББЖТ, ББКМКЧ, тарб. ишинин теор.усулу, пед.псих.практик., пед.маданият. | | |
| **19** | **КК-2** | Философия, ЖМОПТ, пед. психологияын практ. БМКТН, мат.мас. чыг. Практикуму, грам.талд.кир.практ., БКМОББЖТ. | Баш.кл.окууч.бил.баа лоо мониторинги, математиканын мектеп курсун актуалдаштыруу. | |
| **20** | **КК-3** | Укук таануу, экология, КСЭ, дене тарбия, курак анатомиясы, баш.кл. инсанга багыттап окутуу, мекен таанууну окут.усулу, табият таануу, кл.жет. тарб.ишинин системасы. | | |
| **21** | **КК-4** | Баш.кл. КТОУ, баш.кл.МОУ, баш.кл. инсанга багыттап окут, балдарды мектепке даярдоо. | Балдар риторикасы | |
| **22** | **КК-5** | Информатика, баш.кл.МОУ, баш.кл. КТОУ, балдар адабияты, башт. адабий билим бер. теор.усулу, ББКМКЧ | “Айлана чөйрө” ин.кур.окут., АКТ. | |
| **23** | **КК-6** | Педагогика, психология, баш.класста МОУ | Адам өмүрүнүн коопсуздугу Мектепте музыкалык тарбия берүү. | |
| **24** | **КК-7** | ЖМОПТ, түшүндүрүп окут. теориясы, усулу, баш.кл.инклюзивдик билим бер. теор. усулу, баш. кл. | Тил илимине киришүү, сөз өстүрүүнүн теориясы, усулу, математикалык маселелерди чыгар.практикуму, | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын билимин баалоо, башт. адабий билим бер.теор.усулу, пед.маданият, тарбиялоо ишинин теориясы, усулу | инклюзивдик билим берүү, кл.жет.тарб. ишинин системасы. | |
| **25** | **КК-8** | Математика, ЖМОПТ, баш.кл. КТОУ, баш.класста МОУ, математ. мектеп курсун актуалдашт., БКТСОББЖТ, БКМОББЖТ, ББКМКЧ | Грамматикалык талдоого киришүүнүн практикуму | |
| **26** | **КК-9** | Экология, КСЭ, курак анатом.физ. гиг., "Айлана чөйрө" ин.кур. окут., башюкл.адеп сабагын окутуунун усулу, балдар адабияты, баш.кл.эстетикалык тар. бер.теор.усулу, Соц.педагогика. | | |
| **27** | **КК-10** | Ата мекен тарыхы, манас таануу, балдар риторикасы, тил илимине киришүү, АКТ, БМКТН | Башталгыч класстарда инклюзивдик билим берүүнүн теор.усулу, соц.педагогика. | |
| **28** | **КК-11** | Педагогика, психология, балдарды мектепке даярдоо, ББКМКЧ, тарбиялоо ишинин теор.усулу, пед.психологиянын практикуму. | | |
| **29** | **КК-12** | Ата мекен тарыхы, укук таануу, мекен таануу, табият таануу, БКМОББЖТ, БКТСОББЖТ. | | |
| **30** | **КК-13** | Кыргыз тили, философия, балдар риторикасы, баш.кл.англис тили | | |
| **31** | **КК-14** | Педагогика, психология, баш.кл.КТОУ, баш.кл.МОУ, Сөз | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | өстүр.теор.усулу, баш.кл.окуучуларын билимин баалоо мониторинги, баш.кл.эстетикалык тарбия бер.теор. усулу, ББКМКЧ, пед. псих. практикуму, пед. маданият. | | |
| **32** | **КК-15** | Англис тили, адам өмүрүнүн коопсуздугу, курак анат.физ.гигиенасы, баш.кл.МОУ, баш.кл.КТОУ, балдар адабияты. | | |
| **33** | **КК-16** | Укук таануу, адам өмүрүнүн коопсуздугу, мекен таануу,табият таануу, класс жетек. тарбиялык ишинин системасы. | Башталгыч адабий билим берүүнүн теориясы, усулу | |
| **34** | **КК-17** | Англис тили, орус тили, информатика. | | |
| **35** | **АКК-2** | Этнопедагогика | | |

## НББПнын дисциплиналардын компетенцияларды калыптандыруу матрицасы

| № | Дисциплиналар | ЖК-1 | ЖК-2 | ЖК-3 | ЖК-4 | ЖК-5 | ЖК-6 | ИК-1 | ИК-2 | ИК-3 | ИК-4 | ИК-5 | ИК-6 | СИМК- | СИМК- | СИМК- | СИМК- | СИМК- | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК-4 | КК-5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | КК-11 | КК-12 | КК-13 | КК-14 | КК-15 | КК-16 | КК-17 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адаб. | о | ж | | | | | | ж | | | | | | о | | | | | | | | | | | | | | | | ж | | | | |
| 2 | Орус тили | о | | ж | | | | | ж | | | | | ж | | | | ж | | | | | | | | | | | | | | | | | ж |
| 3 | Англис тили | | | ж | | | ж | | | ж | | | | | ж | | | ж | | | | | | | | | | | | | | | ж | | ж |
| 4 | Ата мекен тарыхы | ж | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | | | ж | | ж | | | | | |
| 5 | Философия | ж | | | | | | | | | ж | | | | | | ж | | | ж | | | | | | | | | | | ж | | | | |
| 6 | Манас таануу | | о | | ж | | | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | | | | ж | | | | | | | |
| 7 | Укук таануу | | | | | ж | | | | | | ж | | ж | | | | | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | ж | |
| 8 | Информатика | | ж | | | | ж | ж | | | | | | | | | | | | | | | ж | | | | | | | | | | | | ж |
| 9 | Математика | | | ж | | | ж | | | | ж | | | | | ж | | | | | | | | | | ж | | | | | | | | | |
| 10 | Экология | ж | | | | | | | | | | о | | | | ж | | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | |
| 11 | КСЕ | ж | | | | | | | | | | о | | | | ж | | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | |
| 12 | ЖМТОП | | ж | | ж | | | ж | | | | | | о | | | о | | | ж | | | | | ж | ж | | | | | | | | | |
| 13 | Дене тарбия | | | | | | о | | | | о | ж | | | | ж | | | | | ж | | | | | | | | | | | | | | |
| 14 | Психология | | ж | | ж | | | | | | ж | | ж | | ж | | | | ж | ж | | | | ж | | | | | ж | | | ж | | | |
| 15 | Педагогика | ж | | ж | ж | | | | | | ж | ж | ж | | ж | | | | ж | ж | | | | ж | | | | | ж | | | ж | | | |
| 16 | Курак анат.ф. | | | о | | | ж | | | | | о | | | | | | о | ж | | ж | | | | | | ж | | | | | | ж | | |
| 17 | Адам өм.кооп | | о | | | ж | | | | | | ж | ж | | о | ж | | | | | | | | о | | | | | | | | | ж | ж | |
| 18 | Баш.кл.кырг. тил окут. ус | | | ж | ж | | | ж | ж | | | | | | | | | о | | | | ж | ж | | | ж | | | | | | ж | ж | | |
| 19 | Баш.кл.матем окут. усулу | | о | ж | | | | | | | ж | | | | | | | | | | | ж | ж | ж | | ж | | | | | | ж | ж | | |
| 20 | Түшүн.окут. теор. усулу | | | о | | о | | | ж | | | | | | | | ж | | | | | | | | ж | | | | | | | | | | |
| 21 | Айлана чөйрө” кур. ин. окутуу | о | | | | | | | | | о | | | о | | | | | | | | | о | | | | ж | | | | | | | | |
| 22 | Баш.мек.инс. багыттап ок | | ж | | ж | | | | | | | ж | | | | | ж | | | | ж | ж | | | ж | | | | | | | | | | |
| 23 | Баш.мек. адеп сабагын окут.усулу | | | | | | ж | | | | ж | | | ж | ж | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | | | | | |
| 24 | Мекен таан. окут. усулу | ж | | | | | | | | | | | | | | ж | | | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | ж | |
| 25 | Табият таан. | ж | | | | | | | | | | | | | | ж | | | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | ж | |
| 26 | Балдар адаб. | | о | | | | ж | | | | о | | | | | | | о | | | | | ж | | | | ж | | | | | | ж | | |
| 27 | Балдар ритор жана дүй.мад. | о | | | | ж | | | ж | | | | | | о | | | о | | | | о | | | | | | ж | | | ж | | | | |
| 28 | Тил ил.кириш жана каллигр. | | | | | | ж | | ж | | | | о | | | | о | | | | | | | | о | | | ж | | | | | | | |
| 29 | Матем.мек. курсун актуал | | | о | | | | о | | | | | | | | | ж | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | | |
| 30 | Аз.кырг.тили | о | | | | | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | | о | | | | | ж | | | | | | | |
| 31 | Мат.баш.кур.теор .негизд. | | ж | | | | | | | | ж | | | | | | ж | | | ж | | | | | | | | ж | | | | | | | |
| 32 | Сөз өст. теор. ус. көр.окуу | о | | ж | | | | | ж | | | о | | о | | | | | | | | | | | о | | | | | | | ж | | | |
| 33 | Баш.кл.окууч.баа лоо монит. | | | ж | | ж | о | | | | | о | | | ж | | | | | о | | | | | ж | | | | | | | ж | | | |
| 34 | Мат.мас.чыг.прак тикуму | | о | | | | | | | | | о | | | о | | | | | ж | | | | | о | | | | | | | | | | |
| 35 | Грам.тал.кир.прак тикуму | | | ж | | о | | о | | | | ж | | о | | | | | | ж | | | | | | о | | | | | | | | | |
| 36 | Балдарды мек. даярдоо | | о | | | | | | | | | | | | | о | ж | | | | | ж | | | | | | | ж | | | | | | |
| 37 | Башт.адабий бил. | ж | | | | | о | | о | | | | | о | | | | | | | | | ж | | ж | | | | | | | | | о | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | бер. теор.негизд | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 38 | Баш.кл.эстетик. тар.теор.ус. | о | | | | о | | | | | ж | | | | | | | ж | | | | | | | | | ж | | | | | ж | | | |
| 39 | БКТСОББЖТ | | ж | | | | | | ж | | | | | | | | | ж | ж | | | | | | | ж | | | | ж | | | | | |
| 40 | БКМОББЖТ | о | | ж | | | | | | | ж | | | | | | ж | | | ж | | | | | | ж | | | | ж | | | | | |
| 41 | Баш мек. инкл. бил.бер. | | | | о | | | о | | | | ж | | | | о | | | | | | | | | о | | | о | | | | | | | |
| 42 | Бол.баш.кл. муг.кес.чеб. | | ж | ж | | | ж | ж | | | ж | | | ж | | | | | ж | | | | ж | | | ж | | | ж | | | ж | | | |
| 43 | Тарбиялоо иш. теор.ус. | ж | | | | | | | | | | о | ж | | | | | ж | ж | | | | | | ж | | | | ж | | | | | | |
| 44 | Пед.психол. практикуму | | | о | | | | | | | о | ж | | | | | | о | ж | | | | | | | | | | ж | | | ж | | | |
| 45 | Этнопедагогика | ж | | | | | | | | | | | | | ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 46 | Пед.маданият | ж | | ж | ж | | | | | | ж | ж | | | | | | | ж | | | | | | ж | | | | | | | ж | | | |
| 47 | Соц.педагогика | | | | | | | | | | | | о | ж | | | | о | | | | | | | | | ж | о | | | | | | | |
| 48 | Мектепте музыкалык тарбия берүү | о | | | | | | | | | | | | | | | ж | | | | | | | о | | | | | | | | | | | |
| 49 | Дене тарбияны окутуунун усулу | | | | | | | | | | | | о | | | ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

## 4.4. 550700 Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоодо окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары

### 4.4.1.Окуу планындагы базалык дисциплиналардын программасына аннотация

**Кыргыз тили**: кеп ишмердүүлүгүн жана таанып-билүүчүлүгүн калыптандыруу, иш кагаздарынын лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык мыйзам ченемдерин өздөштүрүү менен жазуу үлгүлөрүн практикалык жактан колдоно билүү жөндөмүнө ээ кылат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ЖК-2; ИК-2; СИМК-2; КК-13.*

**Орус тили:** практический курс русского языка решает важную задачу обучения студентов на базе активного включения их в учебную сферу общения. Эти цели продиктованы реальной необходимостью и вытекают из коммуникативной направленности курса русского языка. Формирование речевых навыков и умений, обеспечивающих активное участие студентов в их будущей профессиональной деятельности.

*Формирумые компетентности: ЖК-5;ЖК-3; ИК-2; СИМК-1;КК-17.*

**Чет тили:** Колдонуусуна жараша лексикалык айырмалоону (турмуш-тиричилик, терминологиялык, официалдуу ж.б.), тилдин негизи закон ченемдүүлүктөрү, эркин жана туруктуу сөз айкаштары, фразеологиялык бирдиктер жөнүндө түшүнүк алуу менен транскрипцияны окууну өздөштүрөт. Сөз жасоонун негизи ыкмалары жөнүндө түшүнүк алып, байланыштуу кепти оозеки жана жазуу түрүндө түзүүгө талап кылынган негизи грамматикалык каражаттарды өздөштүрүп, эң керектүү жана жөнөкөй

лексикалык, грамматикалык каражаттарды колдонуу менен негизги байланышуу жана оюн баяндоого үйрөнөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:* ЖК-3, ЖК-6, ИК-3, СИМК-2,СИМК-5, КК-15, КК17.

**Кыргызстан тарыхы**: Кыргызстандын аймагында байыркы доордон баштап бүгүнкү күнгө чейинки болуп өткөн окуялардын хронологиялык ирээтте өнүгүүсү жөнүндөгү билимдерге ээ кылуу менен, тарыхый окуяларды тарыхый закон чееөнемдүүлүктүн айлампасында, тарых илиминин принциптерин, анын коомдогу ордун, илимдеги айрым проблемаларды билүүгө шарт түзөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ЖК-5, КК-12; СИМК-4.*

**Философия:** философиянын маңызын, б.а. философиялык түшүнүктөр, категориялар, багыттар, методдор, закондору менен тааныштырат. Философия дүйнө жана андагы адамдардын орду жөнүндөгү жалпы теориялык, базалык билимдерди чагылтууга багытталат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-4;СИМК-4; КК-2;КК-13.*

**Манас таануу:** «Манас» эпосу кыргыз элинин улуу мурасы. Эпостун изилдениши жөнүндө варианттар. Манастын төрөлүшү, балалык чагы, алгачкы эрдиктери. Манастын Алтайдан Ала Тоого көчүшү. Алманбеттин окуясы, Көкөтайдын ашы. Чоң Казат, баатырдын өлүмү. Эпостун темасы жана идеясы, обзорлор системасы жөнүндөгү билимдерди берет.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-2; ЖК-4; ИК-4; СИМК-4;КК-10.*

**Укук таануу:** Кыргыз Республикасынын укук тармактарын жана эл аралык укук тармактарынын жалпы жоболорун, жарандардын укуктарын мамлекет тарабынан кепилдикке алынып, КРнын укук коргоо органдары тарыбынан корголуусу сыяктуу түшүнүктөргө ээ болушат, практика жүзүндө процессуалдык документтер менен иштөө мүмкүнчүлүгүн алышат.*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-5;ИК-5;СИМК-1; КК-3;КК-12;КК-16..*

**Математика:** Кесибине байланышкан мисалдарды жана маселелерди чечүүдө оптималдуу жолдорун издөөгө, эң жакшы жолдорун тандоону үйрөтүү. Процесстерди жана кубулуштарды моделдештирип, анализдөө үчүн зарыл болгон негизги математикалык билимдерге, көндүмдөргө ээ кылуу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-3; ЖК-6;ИК-4;СИМК-3;КК-8.*

**Информатика:**Мектеп базасында алган билимдерин тереңдетип, системага салуу жана жалпы теориялык маалыматтарга ээ кылуу менен алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнө шарт түзүү. Кесибине

байланышкан тапшырмаларды аткаруу, интернеттеги катепканалардан адабияттарды падйлана билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-3; ЖК-6; ИК-1; КК-5;КК-17.*

**Азыркы мезгилдеги табият таанунун концепциялары (КСЕ):** Дүйнөнү табиягый-илимий тааным билүүсү, ьабигый илимдердин өнүгүү тарыхы, материянын уюштурулуусунун структуралык деңгээлдери, мейкиндик жана убакыт, өз ара аракеттеннүүлөр, табияттагы динамикалык жана статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөр, дүйнөнүн табиягый илимий сүрөттөлүшү, биосфера жана экология концепциясы, адамдын орду боюнча заманбап маалыматтаргы ээ болот.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-5;СИМК-3; КК-3;КК-9.*

**Экология:** Биосфера жана киши: биосферанын түзүлүшү, экосистемалар, экология жана кишинин ден соолугу; айлана-чөйрөнүн глобалдык проблемалары; жаратылыш ресурстарын, жаратылышты сактоонун рационалдык принциптери; жаратылышты колдонуунун экономикалык негиздери; экокоргонуу техникасы жана технологиясы; экологиялык укуктардын негиздери, профессионалдык жоопкерчилик; айлана- чөйрөнү коргоо боюнча эл аралык карым- катнаш жөнүндөгү билимдерге ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;ИК-5; СИМК-3; КК-3;КК-9.*

**Психология:** Учурдагы психологиянын предмети, милдеттери жана методологиясы. Психологиядагы адам проблемасы. Адамдын психикасынын проблемалары жана табияты. Инсан жөнүндө түшүнүк. Адам-индивид, жекелик жана субьект. Инсан боюнча негизги психологиялык теориялар. Зарылдык. Мотивация. Кызыкчылыктар. Инсандын ишенимдери жана көз карашы. Инсандын калыптанышы. Инсандын өзүн таанышы. Инсандын өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчтөрү. Окуучунун инсандыгын үйрөнүү методдору. Педагогикалык ишмердүүлүк. Таанып билүү чөйрөсү. Сенсордук-перцептивдик процесстер, психикалык процесстер, таануу процесстери жөнүндөгү билимдерди калыптандырат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-2; ЖК-4, ИК-4,* ИК-6, СИМК-2, КК-1, КК-2, КК-6, КК-11, КК-14.

**Педагогика:** Мугалимдин квалификациялык мүнөздөмөсүнө каралган теориялык билимдердин жана кесиптик-педагогикалык ык-машыгуулардын жана мугалимдин функциясын ага коюлуучу талаптардын, педагогикалык кесиптин социалдык маанисин ачып көрсөтөт. Педагогикалык ишмердүүлүккө болгон кызыгууну калыптандыруу менен студенттерде теориялык билимдерге, ык-машыгууларга ээ болууга шарт түзөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;ЖК-3; ЖК-4; ИК-4; ИК-6; СИМК-2; КК-1;КК-2; КК-6; КК-11; КК-14.*

**Медицина илимдеринин негиздери** адамдын айлана-чөйрө (ишкана, тиричилик, жаратылыш) менен болгон өз ара аракетинин коопсуздугу жана

өзгөчө кырдаалдардын терс факторлорунун таасиринен коргонуу ыкмаларын, о.э. окуучунун ден соолугун сактоо, чыңдоо, сергек жашоо образын жүргүзүү, жаратылышты коргоо, ресурстарын рационалдуу пайдаланууга үйрөтөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ИК-6; СИМК-3; КК-9*

**Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу:** Студентти эне тилинин бардык бөлүмдөрүн өздөштүргөн, сабаттуу жазып, сүйлөй билген, лингвистикалык терең билимдүү адис катары чыгаруу менен сабат ачуунун жана кыргыз тилинин мазмунун окуу программасынын талабына ылайык башталгыч мектептин окуучуларына жеткирүүнүн жолдорун, ыкмаларын үйрөтөт. Кыргыз тилин окутуунун методикасынын башка илимдер менен болгон байланышын билүү жана ушул байланыштын негизинде үйрөнүүнүн зарылдыгын түшүнөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-3; ЖК-4; ИК-1; ИК-2; СИМК-5; КК-4; КК-5;КК-8;КК-14..*

**Башталгыч класстарда математиканы окутуунун усулу:** Башталгыч класстарда математиканы окутуунун усулу 10,100,1000 ичиндеги жаан 1000ден чоң болгон сандарды номерлөө, алар менен болгон арифметикалык амалдарды аткаруунун методикасы, чоңдуктар жана алар менен болгон амалдар, аларга карата түрдүү типтеги маселелерди чыгаруунун билгичтиктерин иштеп чыгууну үйрөтөт. Бул билгичтиктер курсту окуп үйрөнүүнүн түрдүү деңгээлдеринде калыптанат. Студенттердин математиканы окутууга чейинки өзөктүү сөздөр математиканы окутууда кандай мааниси бар экендигин түшүнүүсүн камсыз кылат. Сандарды номерлөөдөгү оозеки жана жазуу түрүндөгү номерлөө боюнча ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен билгичтиктерди иштеп чыгат.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-2; ЖК-3; ИК-4;КК-4;КК-5;КК-6; КК-8;КК-14.*

**Түшүндүрүп окутуунун теориясы, усулу:** Болочок мугалимдерди бир бүтүн педагогикалык процесстин технологиялары менен тааныштырат жана жалпы билим берүүчү мектептердеги окутуунун заманбап технологиялары жөнүндөгү илимий билимдердин системасына ээ кылат.
Түшүндүрүп окутуу иштеринин натыйжасында түрдүү педагогикалык кырдаалды туура талдап жана ар бир мектеп баласын жана окуучулар коллективин терең иликтеп үйрөнүү, алардын окуудан артта калуу жана начар жүрүш-туруштарынын себебин аныктоо, кемчиликтерди четтетүүнүн жемиштүү чараларын колдонот. Өз билимин өз алдынча толуктай билүү, иш-практикасында педагогика илиминин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны пайдалануу менен өз алдынча педагогикалык изилдөө ишин жүргүзөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-3; ЖК-5; ИК-2; СИМК-4; КК-7.*

**“Айлана чөйрө” интегративдик курсун окутуу:** Экологиялык проблемалардын технология менен экономиканын, саясаттын, жүрүм – турумдун, укуктун, эстетиканын, медицина менен билим берүүнүн маселелери менен тыгыз айкалышкандыгы жана ал проблемалар комплекстүү мүнөздө чечилээр жөнүндөгү билимдер берилет.

Жогоруда айтылган илимдерди жетиштүү үйрөнгөндөн кийин гана айлана-чөйрөнүн экологиялык абалын изилдөөгө жана ага аныктама берүүгө болот. Экологиянын проблемалары медицина менен тыгыз байланышта болуп, социалдык – гигиеналык мүнөзгө ээ экендиги жана өндүрүштүк чарбанын улам тез температура менен тийгизген таасиринен чөйрөнүн ылдам өзгөрүшү, адам жана ал жашаган чөйрөнүн ортосундагы экологиялык тен салмактын бузулушуна алып келиши ыктымал экендиги жөнүндөгү маалыматтарга ээ болот. Органикалык эмес чөйрө атмосферадан, гидросферадан жана литосферадан тураарын жана тирүү организмдердин тиричилиги төрт чөйрөдөн суудан, топурактан, жерден, абадан тураары жөнүндө үйрөнүп өз практикасында өз чөйрөсүнө туура мамиле жасоого калыптанат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;ИК-4;СИМК-1;КК-5;КК-9.*

**Башталгыч мектепте инсанга багыттап окутуунун теориясы, усулу:** Инсанга багытталган билим берүүдө мугалим класстагы окуучулардын өсүп өнүгүүсүн эске алуу менен, алардын өз деңгээлдерине жараша тапшырма берип багыттайт, жардам берет, иш аракеттин жыйынтыгын презентациялоого көмөк берет. Класста жагымдуу чөйрө түзүүдө, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын четте калбай, башка балдар менен тыгыз мамиледе болуп, өзүн алар менен тең сезүүсүнө шарт түзүүдө мугалимдин ролу чоң. Ар бир сабакта окуутуну инсанга багыттап уюштуруу ар бир окуучунун жоопкерчилигин арттырып, бири – бирине чыдамдуулук менен мамиле кылуусун, окуп – үйрөнүү ишмердүүлүгүндө өз алдынчалык көндүмдөрүнүн калыптануусун камсыз кылат. Окуучулар сабакта, үй тапшырмасын аткарууда бири – бирине жардам беришет. Инсанга багытталган окутууда таанып – билүү иш аракеттерин аткарууда ар бир окуучуга жоопкерчилик жүктөлүү менен окутуу чөйрөсүндө материал жакшы өздөштүрүлөт. Бул учурда мугалим окуучуларга колдоо көрсөтүп, окутуу процессин багыттайт. О.э. окуучулар жашоодогу кырдаалдар боюнча пикир алышат, иш – аракеттерге тартылат, ошондуктан алардын түшүнүгү, сынчыл ой жүгүртүүсү өнүгөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ЖК-4;ИК-5; СИМК-4; КК-3;КК-4; КК-7.*

**Башталгыч мектепте адеп сабагын окутуунун усулу:** Адеп сабактарын окутуу боюнча мугалимдин кесиптик-педагогикалык даярдыгы анын жалпы адистик билимин, инсандык адептик маданий байманасын

түптөп, калыптоого тикеден-тике тиешеси бар этика, психология, этнопедагогика, эне тил, адабият, тарых сыяктуу көп кырдуу билимдерден куралат. Бул сабактарды алып баруучу мугалимдин инсандык сапаттарына, кесиптик билимине жана практикалык даярдыгына коюлуучу талаптарды моралдык-психологиялык, илимий-теориялык жана практикалык компетенцияларды көрсөтүүгө болот.

Мугалим өз ишмердигинде жаш жеткинчектерге чоңдор жазып койгон адептүү жүрүм-турум эрежелерин кургак жаттатып коюу менен гана чектелбестен, алардын ар бири коомдук жана жекече жүрүм-турумдун кылымдар бою кеменгер элибиз иштеп чыккан акыл-нускаларын, жашоо үлгүлөрүн өз боюна сиңирип, ар бир жорук-жосундун ыймандык маңызы тууралуу ой толгоп, алардын ички, купуя маанисин, түпкү тамырын туя билүүгө үйрөтүүсү зарыл экендигин үйрөтөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-6;ИК-4;СИМК-1;СИМК-2; СИМК-4;КК-9.*

**Мекен таанууну окутуунун усулу:** Азыркы күндө башталгыч класстарда окутулуп жаткан мекен таануу предмети курчап турган дүйнөнү илимий негизде окутуу максатын көздөйт. Мекен таануу дүйнө таанытуучу предмет катарында табигый жана гуманитардык билимдердин интегралдашкан системасын камтыйт. Буга чейин 1 – класстарда окутулган “Айлана чөйрө менен тааныштыруу”, 2-3-4-класстардагы “Жаратылышты үйрөнүү” предметтери башталгыч класстын окуучуларын курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды илимий негизинде тааныштыруучу предмет катары мектеп практикасынан кеңири орун алгандыгын аныктайт. Мекен тануу предметинин мазмууну дидактикалык принциптердин негизинде тандалып алынаарын жана мазмуунду конструкциялоо, предметтин структурасын түзүү да дидактиканын белгилүү бир закон ченемдүүлүктөрүнө баш ийерин аныктайт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;СИМК-3;КК-3;КК-12;КК-16.*

**Табият таануу:** Азыркы табият таануунун жалпы мыйзам ченемдүүлүгү, илимдин мүнөздүү белгилери, илимдин маданияттын башка тармактарынан айырмасын түшүнөт. Табият илимдерин таануунун түзүлүшү эки аспект менен аныкталаарын: предметтик жана методикалык анализдейт. Илимий таанып билүүнүн схема түрүндөгү түзүлүшүн үйрөнөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;СИМК-3;КК-3;КК-12;КК-16.*

**Балдар адабияты:** Адабияттын балдарга арналган эл турмушунун энчиси, улуулардын балдарды санакка үйрөткөн, уктаткан, ойготкон, алаксыткан, эркелеткен, ойноткон, жумшаган ж.б. аракеттери, ошолордун баарында чыгармачылык, анын ичинде сөзгө негизделген чыгармачылыгы, сөз өнөрү балдарды үйрөтүүгө, таанытууга жана тарбия берүүгө кызмат кылгандыгы,

Манасчылардын, дастанчылардын, төкмөлөрдүн чыгармалары, оозеки адабияттагы көп жанрлар, мисалы, жомоктор, баатырдык дастандар, санат-насыят ырлары, табышмактар, макал-ылакаптар жөнүндөгү билимдер менен куралданат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ЖК-6;ИК-4;СИМК-5;КК-5; КК-9; КК-15.*

**Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданият:** Риторика илиминин өзгөчөлүгүн, сүйлөшүү этикасын, кептеги инсандын ролун, баарлашуудагы кептин ролун жана ордун түшүнөт. Оозеки жана жазуу жүзүндөгү баарлашууну жана анын ыкмаларын жест, мимика, темп, оозеки кептин үнүнүн бийиктиги, тактыгы, кептин тону, аларды колдонуу ыктары, эрежелери жөнүндөгү билимдерге ээ болот.

Кеп ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн психо-лингиводидактикалык негиздерин, кеп ишмердүүлүгүнүн каражатын жана ыкмаларын, окуу китептериндеги кеп ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө берилген материалдарды мүнөздөө менен аабий окууда кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдорун , көркөм чыгармаларды окутууда пайдалануунун ордун жана ролун өздөштүрөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ЖК-5; ИК-2; СИМК-2; СИМК-5; КК-4; КК-10; КК-13.*

**Тил илимине киришүү жана каллиграфия:** Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүнүн практикумунун методикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат. Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, кол жазма сулуулугун калыптандыруу, сүйлөмдү туура, катасыз сулуу жазууну, орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди терен үйрөнүүгө, текстти туура көчүрүп жазуу көндүмүн, текст менен чыгармачылык менен иштөөнү, сөз байлыгын кеңейтүү, эркин пикир алмашуу, туура, так сүйлөөгө, жазууга көнүктүрүү жана адабий билимдерин тереңдетүү максатын көздөйт.

Курсту өздөштүргөндөн кийин башталгыч мектептеги таза жазуу боюнча билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду талдап, алардын ортосундагы байланышты аныкташат. Сабактарга план түзүүнү, көрсөтмө курал даярдоону, сабак өтүүнү билишет.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-6;ИК-2;ИК-6;СИМК-4;КК-7; КК-10.*

**Математиканын мектеп курсун актуалдаштыруу:** Башталгыч мектепте математика курсун актуалдаштыруу жалпы дидактикалык

маселелер боюнча өздөштүрүлөт. Математиканын предмети, обьектиси, усулдары жана уюштуруунун формаларын окуп үйрөнүүдө педагогика илиминде бул маселелерге кандай түшүнүктөрдүн берилишине жана алардын бүткүл методика дисциплиналарында кандай пайдаланышына сереп салуу, салыштыруусу зарылдыгын үйрөнөт.

Жеке дидактикалык маселелерди окуп –үйрөнүүдө сандарды окутуп үйрөнүүнүн удаалаштыгына, ар бир класстар боюнча аларды окутуп үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрүнө, сабактардын иштелмелерин иштеп чыгуунун методикаларына, теориялык материалдарды практикалык иш аракеттерде колдонмо билүү ыкмаларына басым жасоо керек экендиги аныкталат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-3; ИК-1;СИМК-4;КК-2;КК-8.*

**Азыркы кыргыз тили:** Кыргыз тилинин өнүгүшү боюнча классификациялар, кыргыз тилинин пайда болуу жана өнүгүү этаптары, азыркы мезгилге чейин тилдин кантип келип чыккандыгы жөнүндөгү маалыматтар, тилдин маанилик максатына, аткарган кызматына, грамматикалык түзүлүшүнө карата аныктамалар, морфология менен синтаксистик грамматиканын өз ара байланыштагы бөлүктөрү,сөз өзгөртүүчү синтетикалык формаларды, алардын өнүгүү, өзгөрүү эрежелерин жана мыйзамдары жөнүндөгү маалыматтар менен куралдандырат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;ИК-2;СИМК-5;КК-5;КК-10.*

**Башталгыч математика курсунун теориялык негиздери:** Кенже класстардын окуучуларынын математикалык билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн калыптандырат жана андан ары улантууга даярдайт. Окуучуларды инсандык касиеттерге (тактыкка, тыкандыкка, жоопкерчиликке, тырышчаактыкка, ар кандай жөндөмдүүлүктөргө) тарбиялайт. Окуучулардын ой-сезимдеринин функционалдык касиеттерин (көңүл буруусун, кабыл алуусун, эске тутуусун, ой жүгүртүүсүн, багыт алуусун, сөз байлыгын жана жазуу кебин) өнүктүрөт. Окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүктөрүн (пландаштыруу, аны ишке ашырууда колдонулуучу ыкмаларга ээ болуусун, иш-аракеттерди аткара алуусун, жана баалоосун, бири-бирин баалоосун,алган билимин турмушта колдоно алуусун, жыйынтык чыгаруусун, кызматташа алуусун, тил табышуусун ж.б.) калыптандырат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ИК-4;СИМК-4;КК-2;КК-10.*

**Сөз өстүрүүнүн теориясы, усулу жана көркөм окуу:** Башталгыч мектепте кеп ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү, башталгыч класстардын окуучуларына сөз маданиятын үйрөтүүнүн жалпы маселелери, сөздөгү каталар, аларды түзөтүүнүн жолдору, байланыштуу кептин жалпы маселелери жөнүндөгү билимдерди үйрөнөт жана лексикалык, стилистикалык каталар менен иштөөнү билет.

*Калыптандыруучу компетенциялар:* ЖК-1;ЖК-3;ИК-2;ИК-5;СИМК-1; КК-7;КК-14.

**Башталгыч класстарда окуучулардын билимдерин баалоо мониторинги:** Баалоо системасындагы өзгөрүүлөр 1931-жылдын 5-сентябрдагы ЖКП БК (ЦК ВКП) / (б)нын токтомунан кийин болгон. Анда мугалим окуу процессинде ар бир окуучунун билимди өздөштүрүү жана чейректин аягында ошол предмет боюнча жетишкендиги тууралуу мүнөздөмө түзүп, жылдын аягында болсо бардык окуучулар үчүн сынак өткөрүлгөндүгү, жетишкендиктерди каттоонун татаал формалары жана схемаларына тыюу салуу тууралуу 1932-жылдын 25-августундагы токтомдун негизинде баалоону кыскартуу тууралуу маселе каралгандыгы («канааттандыраарлык эмес», «канааттандыраарлык», «жакшы», «эң жакшы» деген баллдык системаны киргизилиши күбө) менен таанышып, «Башталгыч жана орто мектепте окуучулардын билимин эсепке алуу тууралуу» аттуу эмгекте баалардын төмөндөгүдөй бөлүштүрүү каралгандыгы «канааттандыраарлык эмес», «канааттандыраарлык», «жакшы», «эң жакшы», ошондой эле, 1935-жылдын 3-сентябрда беш баллдык баалоо системасы СССРдин ЭКК (СНК) жана ЖКП БК / (б) нын «Башталгыч, толук эмес орто жана орто мектептерде окуу ишин уюштуруу жана ички эрежелер тууралуу» бирдиктүү токтомунун негизинде мектептерде оозеки баа берүүнүн (баанын) төмөндөгүдөй беш даражасы бекитилгендиги: «эң жакшы», «жакшы», «орто», «начар» жана «эң начар» жөнүндө маалымат алат. Окуучулардын билимдеринин жана билгичтиктеринин деңгээлин так аныктоого багытталган беш деңгээлге бөлүнгөн баанын киргизилиши жөнүндөгү маалыматтарды үйрөнөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:* ЖК-3;ЖК-6;ИК-1;ИК-5;СИМК-2; КК-2;КК-7; КК-14.

**Математикалык маселелерди чыгаруунун практикуму:** Математиканы өздөштүрүүдөгү «өзөктүү» сөздөрдүн тиешелүү түшүнүктөрдү берүүдөгү ордун, билимдин баскыч-баскыч болуп берүүдөгү мазмунун; маселе чыгаруунун этаптарын геометриялык материалдар жана алардын класстар боюнча берилишин, математикалык түшүнүктөрдү берүүдөгү ордуларын; курчап турчап турган айлана чөйрөдө кездешүүчү конкреттүү маселелерди чечүүдө математиканын методдорун пайдаланууну үйрөнөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ИК-5;СИМК-1; КК-2;КК-8.*

**Грамматикалык талдоого киришүүнүн практикуму:** Кыргыз тилинин грамматикасы, жалпы жана терминологиялык мүнөздөгү 2000 сөз, сөз айкашы көлөмүндө лексикалык минимум, колдонуусуна жараша лексикалык айырмалоо (турмуш-тиричилик, терминологиялык, официалдуу ж.б.), эркин жана туруктуу сөз айкаштары, фразеологиялык бирдиктер, сөз жасоонун негизги ыкмалары жөнүндө түшүнүктөргө ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-3;ЖК-5;ИК-1;КК-2;КК-5.*

**Балдарды мектепке даярдоо:** Балдарды мектепке даярдоо жана “Наристе” программасынын берилиши, максаты жана милдеттери жөнүндө түшүнүк алат. Тарбиялоонун психологиясы, Б,М,Д классында окуу процессин уюштуруунун усулдары, тарбия берүүнүн түрлөрү. тарбиялык иштер системасы, тарбиялоонун концепсиясы, азыркы учурдагы тарбия берүүнүн жолдору, Б.М.Д классында окутуунун инновациялык жолдору жөнүндөгү маалыматтарга ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;СИМК-3;КК-4;КК-11.*

**Башталгыч адабий билим берүүнүн теориялык негиздери:** Б.А.Б.Б.Т негизи алгач ирет көркөм чыгарма, анын адабий табияты, ыр аңгеме, жомок, алардын маани маңызы, түзүлүшү тууралуу маалымат берет. Андан көркөм чыгарманын эстетикалык тарбиялык табиятын да алгач ирет түшүнүп кабыл алышат. Кыргыз тили сабагында окутуунун мааниси да, мазмуну материалдарды гана үйрөнүү эмес, же адабий окуу сабагында ангеме, ыр, жомоктун адабий сюжеттик табиятын гана өздөштүрүү эмес, алар аркылуу элдин жан дүйнөсүн, элди жерди, анын салт-санаасын балдарга таанытуу гана элдик тилдин байлыгын, нукуралуугун жан дүйнөсүн жеткирүү аркылуу улуттук өзгөчөлүктү таанытуу болуп эсептелет.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;ЖК-6;ИК-2;СИМК-1;КК-5; КК-7; КК-16.*

**Башталгыч класстарда эстетикалык тарбиянын теориясы, усулу:**

Башталгыч класстарда балдарды туура тарбиялоо алардын келечегин аныктайт. Тарбия балдарды келечекке даярдоодогу негизги көрсөткүч болуп эсептелет. Эстетикалык тарбияны туура өздөштүрүү кеп өстүрүүдөгү бир нече маселелердин чечилишине, кептин темпин жөнгө салып, баардык ишмердүүлүктөрдө колдонулушуна, сөздүн маанилүүлүгүн жогорулатуу жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө түрткү берет. Балдарды мектепте тарбиялоодо эстетикалык тарбиянын мааниси, милдеттери жана негизги түшүнүктөрү, жана даярдоо класстарында сабактарды өтүүдө колдонулуучу усулдар, ыкмалар жөнүндө түшүндүрүлөт. Ошондой эле мектепте , үйдө гигиеналык эрежелерди сактоонун усулдары жөнүндө, балдардын турмушунда режимдердин librarian сакталышы, дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү, аларды балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша колдонулушу, түрлөрү тууралуу маалымат берилет.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;ЖК-5;ИК-4;СИМК-2; СИМК-5; КК-9;КК-14.*

**Баштагыч класстарда кыргыз тилин окутууда билим берүүнүн жаңы технологиялары:** Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда

колдонулган методдорго (салттуу жана жаңычыл) карата өзүнүн мамилесин аныктап, ошол калыптанган көз караштын негизинде өздүк окутуу практикасын жакшыртуунун жолдорун белгилейт. Кенже мектеп окуучуларын сабатка үйрөтүүдө морфология, орфография, синтаксис, адабий окууну уюштурууларды аңдай билет. Башталгыч мектептер үчүн түзүлгөн окуу китеп, план, программалардын мазмунун жана түзүлүшүн үйрөнүү менен ага ылайыктуу окуу каражаттарын тандайт жана колдоно билет. Окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүн уюштуруу, башкаруу жана анын жыйынтыктарын баалай билет. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда окуучунун жетишкендиктерин баалоонун ыңгайлуу методдорун жана ыкмаларын тандай билет. Өз алдынча үйрөнүү жана өзүн-өзү баалоонун негизинде өздүк окутуу сапатын жогорулата алат.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ИК-2;СИМК-5;КК-1;КК-8; КК-12.*

**Баштагыч класстарда математиканы окутууда билим берүүнүн жаңы технологиялары:** Баштагыч класстарда математиканы окутууда билим берүүнүн жаңы технологиялары курсун угуу менен башталгыч класстарда окутулуучу окуу материалдарын мазмуну, анын окутуунун усулдары, алдыңкы педагогикалык иш тажрыйбалары, практика учурунда сабакты өтүүнүн көндүмдөрүнө материалдык анализдөө, өздүк бүтүмдөрдү чыгаруу, мисал маселелерди чыгаруунун көндүмдөрүнө ээ болуу менен педагогикалык кесиптерге тиешелүү болгон компетенцияларга ээ болот.

Студенттер маселе түшүнүгү, маселелердин түрлөрүн чыгаруу боюнча көндүмдөргө ээ болот. Студенттердин ар кандай баскычтары боюнча кандай билим, билгичтиктер, көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча натыйжаларды аңдап билет.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1;ЖК-3;ИК-4;СИМК-4;ИК-2; КК-8;КК-12.*

**Башталгыч мектепте инклюзивдик билим берүү:** Инклюзивдик билим берүү жана ар түрдүүлүк, Билим берүү системасында өзгөрүүлөр жөнүндөгү маалыматтарды өздөштүрүүү менен Билим берүү системасында баланын инсанына мамиле авторитардык позициядан мээримдүүгө өзгөрүлүп, бардык балдардын керектөөсүн канаттандыраарын түшүнөт. Кембагал үй-бүлөнүн балдары, көчөдө калган балдар, иштеген балдар, жетим жана жарым жетим, наркомания же денесин саткан, ошондой эле өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдарга мамиле жасоо компетенцияларына ээ болот. Инклюзивдик билим берүүнүн идеясы, гуманистик педагогикага дал келип, бардык балдардын керектөөсүн камсыздай алат, билим алууга мүмкүндүк берет идеяларды таабууга болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-4;ИК-1;ИК-5;СИМК-3;КК-7; КК-10.*

**Болочок башталгыч класс мугалиминин кесиптик чеберчилиги:** Кесиптик ишмердүүлүктө адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн максаттуу пайдалануну, өзүнүн өз алдынча ойлоо жөндөмдүүлүгүн, акыл-сезимин, чөйрөгө болгон таасирин алдын-ала көрө билүүнү үйрөнөт. Студенттин ички интеллектуалдык, эмоционалдык активдүүлүгү, аналитикалык жана сынчыл ой-жүгүртүүсү өнүгөт. Педагогикалык маданият – бул натыйжа гана эмес, мугалимди кандай өзгөртсө, студентти да ошондой эле өзгөрткөн процесстин өзү деген тыянакка келет. Педагогикалык маданият – мугалимдин чыгармачыл ой-жүгүртүүсүнүн калыптаныш процессине таасир этээрин аныктайт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2;ЖК-3;ЖК-6;ИК-1;ИК-4: СИМК-1; КК-1; КК-5; КК-8; КК-11;КК-14..*

**Тарбиялоо ишинин теориясы, усулу:** Таалим-тарбия процесстеринин методдорун жана каражаттарын чеберчилик менен колдоно билүү менен сабакта жана иш-чаралардын ишмердүүлүктөрүн, карым-катнаш мамилелерин туура жолго салат. Кезектеги маселени чечүүгө окуучулар жамаатын активдүү катыштыра билүү, о.э окуучулардын аткарган иштеринин натыйжасын жана жүрүш-турушун туура баалап, аларды активдүү ишмердүүлүккө шыктандыра билет. Таалим-тарбия иштеринин натыйжасында түрдүү педагогикалык кырдаалды туура талдап жана ар бир мектеп баласын жана окуучулар коллективин терең иликтеп үйрөнөт жана алардын окуудан артта калуу жана начар жүрүш-туруштарынын себебин аныктоо, кемчиликтерди четтетүүнүн жемиштүү чараларын колдонууну өздөштүрөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1; ИК-5;ИК-6; СИМК-5; КК-1; КК-7; КК-11.*

**Педагогикалык-психологиянын практикуму:** Педагогикалык психологиянын предмети окутуунун психикалык мыйзам ченемин түзөт жана окуу процессинин калыптануусунун, акыл эмгегинин өнүгүүсүнүн ишеничтүү чен өлчөмүн, мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилени жана окууга жекече мамиле жасоонун мыйзам ченемдүүлүгүнөн турат. Предметти өздөштүрүү окуучу менен мугалимдин ортосундагы ажырым, түшүнбөөчүлүктөрдүн себебин үйрөтөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-3; ИК-4; ИК-5;*СИМК-5; КК-1; КК-11;КК-14.

**4.4.3.Жумушчу окуу пландагы элективдүү курстардын программасына аннотация5.4.2. Жумушчу окуу пландагы элективдүү курстардын программасына аннотация**

2013-жылдын сентябрь айындагы БатМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилген. Протокол №1. (31.10.2013)

**Педагогикалык маданият:** жалпы педагогикалык-психологиялык маданиятты өнүктүрүү, өркүндөтүү менен студенттердин педагогикалык-психологиялык ой-жүгүртүүсүн, педагогикалык турмушка болгон туруктуу көз карашын, өз ара мамилелерде өзүнүн оюн туура бере билүүсүн, сүйлөө речин жана кесиптик жүрүм-турумдарын өнүктүрүүсүн калыптандырат. Кесиптик ишмердүүлүктө адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн максаттуу пайдаланууну өзүнүн өз алдынча ойлоо жөндөмдүүлүгүн, акыл-сезимин, чөйрөгө болгон таасирин алдын-ала көрө билүүгө үйрөнөт. Өз алдынча окууга жана өзүнүн мүмкүнчүлүгүн туура баалай билүүгө, турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында оптималдуу жолдорду, максаттуу жетишкендиктерди таба билүүгө даярдайт.

Мугалимдердин профессионалдык жактан калыптануу процессин маданий жактан анализдөө, педагогикалык иш-аракеттердин чөйрөсүндө калыптануучу жана иштелип чыга турган профессионалдык моралдын өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, адеп-ахлактык нормалардын жана принциптердин өзгөчөлүктөрүн изилдеп үйрөнүү менен педагогикалык маданият – мугалимдин педагогикалык иш-аракетинин креативдүүлүгүнүн сапаттык көрсөткүчү, индикатору болуп саналаарын түшүнөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ЖК-5, КК-4,* ИК-4, СИМК-3, СИМК-4.

**Этнопедагогика:** кыргыз этнопедагогикасынын илим катары өзгөчөлүктөрүн, табиятын жана тарыхын ачып берүү менен студенттерде этнопедагогиканы жалпы эле педагогиканын бир тармагы катары кароо жана ошого ылайык мамилле кылуу түшүнүктөрүн калыптандыруу; элдик таалим-тарбиялык салттарды сыйлаган жана өнүктүрүүгө, колдонууга аракет кылган мугалимдерди, тарбиячылыарды жетилдирүү ;эң биринчи кезекте бул курста үйрөтүлүүчү кыргыз улутунун салттуу тарбиялык маданиятын жогору баалаган адистерди даярдоо; бул дисциплинадан алган билимдерин пайдалана алуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөгү адисти чыгаруу; келечекте башталгыч класстын мугалими өз предметин этнопедагогизациялоого аракет кылган адисти тарбиялоо.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;СМИК-2; АКК-2;СМИК-5;*

***Социалдык педагогика:*** социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнө байланышкан иш кагаздары, ата-энелер жана окуучулар менен иштешүү кеңештери, окуу- тарбия процессин уюштуруу үчүн маалыматтар берилет; кесиптик тармакта социалдык педагогдун ишмердиги бүгүнкү биздин коомдогу барктуу кесиптин пайда болгондугу жаңы керектөөгө жооп берүүнү терең түшүндүрөт; предмет социалдык иш, педагогикалык ишмердүүлүк, балага багытталган жардам көрсөтүүчү уюштуруучу, өзүнүн психологиялык абалын үй-бүлөгө, мектепке коомчулукка билдирүүлөрү үйрөтүлөт .

*Калыптандыруучу компетенциялар: ИК-6;СМИК-1;СМИК-5;КК-9;КК-10;*

**Мектепте музыкалык тарбия берүү:** Музыкалык тарбия берүү жалпы билим берүү башталгыч классынын мугалимдерин окутууда маанилүү орунду ээлейт. Башталгыч класстарда музыка сабагын окутуунун эң башкы максаты инсанды музыка аркылуу тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна багыт берүүсү болуп саналат. Музыкалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти боолуп саналат.Башталгыч класстын болочок мугалимине музыкалык тарбия берүү аркылуу баланын руханий жактан жана ошол эле мезгиде физиологиялык жактан өсүшүнө шарт түзүүсүн калыптандырууну үйрөтөт. Окутуучу баланын инсан болуп калыптанышынын эң маанилүү мезгилин студенттерге үйрөтүү менен андан ары умтулуусуна жол ачат.
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1; СМИК-4; КК-6.*
**Дене тарбияны окутуунун усулу:** Дене тарбия – тарбиялоонун жалпы системасынын адамдын ден соолугун чыңдоого жана дененин өсүшүнө арналган бөлүгү. Дене тарбияны башталгыч класстарда өтүүдө нравалык, эстетикалык тарбия жана политехникалык окутуу менен байланыштуу окутуу методикасын үйрөтөт. Дене тарбия предмети балдар гигиенасына, тамактануу жана ден соолук режимимне,оюнга машыгууларга өзгөчо көңүл бурууну үйрөтөт.Мектеп жашындагы балдарга дене тарбия атайын программа менен физкультура сабагында жана сабактан тышкаркы убакыттарын кандай өткөрүүлөрү тууралуу сөз болуп, негизги каражаттары: гимнастика, спорт оюндарынын түрлөрү үйрөтүлөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар:ИК-6;СИМК-3*

### 4.4.4.Практикалардын программасына аннотация

**Үйрөнчүк-педагогикалык практика:** окуу жараянындагы окуу-тарбиялык иштери жөнүндө жалпы түшүнүккө ээ болот: мектептеги тарбиялык иш чараларды (чогулуш, рейд, майрамдар, линейка, маектешүү) жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруу (кошумча жана жеке сабактар). Мектепте алгачкы тарбиялык иштерди жетектөөнүн тажрыйбасына ээ кылат.
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-2; ЖК-3; ИК-4; ИК-6; СИМК-1; СИМК-3; КК-1;КК-7;КК-16.*

**Кесиптик-базалык практика:** мектепте окуу-тарбиялык иштерди уюштуруунун усулун үйрөнүшөт, коомдук уюмдардын, предметтик кааналардын, кружоктордун маани-мазмуну жөнүндө түшүнүк алып, предметтик кечелерди, тарбиялык, класстан тышкаркы иштерди өткөрүүнү, окуучулардын жеке инсандыгын, жалпы класс жамаатынын өзгөчөлүгүн үйрөнүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-3;ИК-4; МК-5; ИК-6;СИМК-2; СИМК-4; КК-2;КК-3; КК-4; КК-9;КК-10;КК-17.*

**Кесиптик-багыттык практика:** мектепте башталгыч класстарда Адабий окуу, Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу, Башталгыч класстарда математиканы окутуунун усулу, Мекен таанууну окутуунун усулу предметтери боюнча сабак берүүнү өздөштүрүп, предмет мугалими катары тажрыйба үйрөнүшөт.
*Калыптандыруучу компетенциялар:ЖК-1; ЖК-2; ИК-4;СИМК-5;КК-5; КК-6; КК-7; КК-8; КК-11; КК-12; КК-13; КК-14; КК-1.*

## 5. НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУ ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДОО

ЖКББ НББП бул бөлүгүндө төмөндөгү документтердин жана материалдардын жыйындысы берилген:

- ЖКББ НББП боюнча билим берүү процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы;
- ЖКББ НББП окуу планына кирген бардык окуу курстары, дисциплиналары, практикалары, илимий-изилдөө иштери боюнча студенттердин ишмердиги үчүн негизги окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор, маалымат ресурстары;
- билим берүү процессин уюштуруу боюнча жана профессордук-окутуучулук курамдын ишмердиги үчүн комплекстүү методикалык сунуштар жана маалымат ресурстары;
- окутуучуларды жана студенттерди библиотекалык-маалыматтык тейлөөнүн шартына мүнөздөмө.

### 5.1.ЖКББ НББП ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы

550700. Педагогика багытында “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулдугу” профили боюнча адистерди даярдоону жогорку квалификацияга ээ илимий даражалуу профессордук-окутуучулук курамы ишке ашырат.

| № | ФАА | Илимий даражасы |
|---|---|---|
| 1. | Тухтаев Т.М. | М.и.д., профессор |
| 2. | Машрабов А.А. | Ф.и.к., доцент |
| 3. | Хидирова Ч.Х. | Ф.и.к., доцент |
| 4. | Абдуллаев Р.М. | П.и.к., доцент |
| 5. | Толубаев Ж.О. | Ф-м.и.к., доцент |

| | | |
|---|---|---|
| 6. | Байгесеков А.М. | Ф-м.и.к., доцент |
| 7. | Тагаев М.Т. | Окутуучу |
| 8. | Садыков М.Ш. | Окутуучу |
| 9. | Расулова З.А. | Окутуучу |
| 10. | Мадмуратова З.Г. | Окутуучу |
| 11. | Канназарова Б.У. | Окутуучу |
| 12. | Авязова А.М. | Окутуучу |
| 13. | Ботобекова Д.У. | Окутуучу |
| 14. | Исламов А. | Окутуучу |

**5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы**

550700 "Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулдугу" профили боюнча НББПны ишке ашырууда окуу процессинин бардык формаларын уюштуруу үчүн материалдык- техникалык базага ээ. БатМУ САИде студенттер үчүн заман талабына жооп берген 4 окуу корпусу, 100 орундуу студенттик жатакана, жогорку ылдамдыктагы интернет менен жабдылган 3 компьютердик залдар, 7 компьютерден турган китепкана, 60 орундуу студенттик ашкана кызмат көрсөтөт. Кафедрада сабактар учурдун талабына ылайык интерактивдүү методдор менен өтүлүп келет. Педагогика жана экономика факультетинде 17 тайпа бар, лекциялык, семинардык, лабораторялык сабактарды өткөрүү үчүн 25 аудитория пайдаланылат.

**5.3. Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы**

НББП ишке ашырууда окуу процессинин бардык формаларын уюштуруу үчүн материалдык-техникалык базага ээ, ошондой эле санитардык жана өрт коопсуздугун эске алган шарттары бар. Бакалавр программасын ишке ашырууда минималдуу зарыл болгон материалдык-техникалык базага төмөнкүлөр кирет:

Учурдун талабына ылайык интерактивдүү методдор менен өтүлүп келет.Педагогика жана экономика факультетинде 17 тайпа бар, лекциялык, семинардык, лабораторялык сабактарды өткөрүү үчүн 25 аудитория пайдаланылат. Анын ичинде 4 лекциялык каана (109-каана 48 м$^2$, 200-каана 56,76 м$^2$ , 408-каана 48,45 м$^2$, 407-каана 48,45 м$^2$ ) , Педагогика профили үчүн бөлүнгөн Педагогика кааналары (203-каана 39.2., 403-каана 33.5), Педагогика профили үчүн Усулдук каанасы (403- 17,34 м$^2$), интерактивдүү доска, оргтехника колдонуу үчүн лекциялык зал (101-каана 78,0 м$^2$ аянт), интерактивдүү доска коюлган каана (200-каана 56.76 м$^2$), ресурстук борбор ("208-каана 54,2 м$^2$ аянт), мультимедиялык каана (115-каана 60,0 м$^2$) , компьютердик класс ( 202-каана 54,78 м$^2$), интернет каанасы( 114-каана 39

м$^2$ ) жана  факультеттин фондунда  спортзал (1) (189м$^2$ аянты), теннис залы (2), раздевалка (2), №3 окуу корпусунда “тогуз коргоол” оюну боюнча машыктыруучу каана (1), студенттик жатаканада волейбол жана баскетбол ойноо үчүн аянтча (1) бар.

Студенттер Интернет тармагына кенен туташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана өз алдынча иштерди аткарууда, сабактарга даярданууда пайдаланышат.

## 6.ЖКББ НББПын ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫНЫН НОРМАТИВДИК-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

ЖКББ мамлекеттик стандартына жана жогорку окуу жайы жөнүндөгү жобого ылайык билимди өздөштүрүүнү текшерүү учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациялоону өз ичине камтыйт. ЖКББ НББП боюнча билим алып жаткандарды  учурдагы, аралык текшерүүнүн аттестациялоонун нормативдик-методикалык камсыздалышы ЖОЖ жөнүндөгү Типтүү жобого ылайык жүргүзүлөт.

### 6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестация

ЖКББ МББСнын талабына ылайык НББП этап-этабы менен өздөштүрүүсүн аттестациялоо үчүн жогорку окуу жайы баалоо каражаттарынын фондун түзөт.  Алар билимди өздөштүрүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестациялоо болуп саналат. Баалоо каражаттарынын фонду өз ичине буларды камтыйт: практикалык сабактарда, чегерме, ымтыкандарда билимди текшерүүнүн текшерүүчү суроолору, типтүү тапшырмалар,  бланкалык тесттер жана компьютердеги тестирлөө программалары, курстук иштердин тематикалары (долбоор, реферат, доклад, илимий макала ж.б.).

### 6.2.НББПын бакалавр баскычында бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тандалган максаты болуп бүтүрүүчүнүн ЖКББнын НББПын ийгиликтүү өздөштүрүүсүн аныктоо болуп саналат.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана ЖКББнын НББПнын окуу планын толук өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр киргизилет.

**ЖКББнын НББПнын мамлекеттик аттестациялык сыноолоруна төмөнкүлөр кирет:**

– мамлекеттик экзамен;

– квалификациялык ишин коргоо.

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен боюнча НББПдагы жоболор**

Мамлекеттик экзамен бул бакалаврдын ЖКББнын НББПда көрсөтүлгөн компетенцияларга ээ болгондугун аныктоочу системалуу, дисциплиналар аралык комплекстүү экзамен болуп саналат. Ошондой эле комплекстик экзамен кесиптик окуу программасын өздөштүрүү кезинде алган теориялык жана практикалык билимдердин деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Комплекстик экзаменде алган бааны жогорулатуу максатында экзаменди кайра тапшырууга уруксат берилбейт.

Квалификациялык иштин тематикасы илимий-изилдөөчүлүк ишмердикти ичине камтып, төмөнкү кесиптик милдеттерди чечүүгө багытталат:

– теориялык жана практикалык билимдерди кайталоо, бышыктоо жана өнүктүрүү;
– кесиптик ишмердиктин көндүмдөрүн өз алдынча өнүктүрүү.

Квалификациялык ишти аткарууда студент төмөнкүлөрдү (демонстрациялоого) көрсөтүүгө тийиш:

– долбоордун логикалык структурасын түзүүнү;
– изилденип жаткан теманын актуалдуулугун ачып көрсөтүүнү;
– темадагы негизги маселени аныктап, анын конкреттүү аспектилерин, чечилүүчү маселелерин талдоону.

Квалифкациялык иштин тематикасы учурдагы актуалдуу маселелерди изилдөөгө, педагогика илиминин, коомдун өнүгүшүнө салым кошууга багытталган болушу керек. Ишти аткарууда заманбап маалымат технологияларынын жетишкендиктерин жана учурдагы методикалык жаңылыктарды колдонууга көңүл буруу зарыл.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык комиссия каралып жаткан программага тиешелүү илимий даражасы бар беш кишиден кем эмес курамда түзүлөт.

МАКтын төрагасы БатМУнун кызматкери болбогон каралып жаткан программанын багытындагы илимдин доктору, кандидаты дайындалат.

**НББПны иштеп чыккандар, эксперттер**

| | Аты-жөнү | и.д., кызматы | кызмат орду |
|---|---|---|---|
| 1. | Айдарова М.Д. | п.и.к., доцент | |
| 2. | Абдуллаев Р.М. | П.и.к.,доцент | |
| 3. | Расулова З.А. | окутуучу | |
| 4. | Мадмуратова З.Г. | окутуучу | |
| 5. | Канназарова Б.У. | окутуучу | кафедра башчысы |